Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKIN-TOO.KG Шейшемби, 2022-жылдын 18-январы №3 (3338)

МЕКТЕПТЕР ЖАБЫЛАБЫ?

Бишкекте коронавирус илдетинин көп катталып жаткандыгына карабай мектептерди жана бала бакчаларды убактылуу жабуу жарылчылыгы жок. Бул тууралуу Бишкек шаарынын вице-мэри Виктория Мозгачева билдирди. Анын айтымында, вируска чалдыккандардын көбү чоңдор, жалпы статистикада балдар 2-4%ды түзүүдө. Азырынча санитардык-эпидемиологиялык кызматтын мектептерди аралыктан иштөөгө өткөрүү тууралуу талабы жок.

АДАБИЯТ АЙДЫҢЫНЫН МЫКТЫЛАРЫ АНЫКТАЛДЫ

Кыргыз улуттук жазуучулар союзу 2021-жылы адабият айдыңында мыкты иштеген акын-жазуучу, котормочуларды аныктап, “2021-жылы мыкты китеби” сыйлыгын тапшырды. Жыл ичинде адабият айдыңында мыкты иштеп, китептери жарык көргөн авторлордун арасынан поэзия сериясы боюнча Калчоро Көкүловдун "Ыйман ыры" поэтикалык жыйнагы мыкты деп табылса, проза сериясы боюнча Аскарали Ражабалиевдин "Мусаапыр" китеби, котормо сериясы боюнча Таштанбек Чакиевдин И.Буниндин "Караңгы аллеялар" китеби мыкты деген баага татыды.

КАР ЖААП, ЖОЛДОР ТАЙГАК БОЛОТ

Бүгүн Чүй, Талас, Ош, Жалал-Абад, Баткен, Нарын облустарынын кээ бир тоолуу райондорунда, тоо этектеринде кар жаайт. Ысык-Көл облусунда жаан-чачын күтүлбөйт. Бул боюнча Кыргызгидромет билдирди. Жолдордун тоолуу бөлүгүндө тоңголок, тайгак болот. Бишкек шаарында жаан аралаш кар жаап, абанын температурасы түнкүсүн 0...+2 градус, күндүз +5...+7 градуска жетет.

Артур МЕДЕТБЕКОВ:

“Президенттерге реалдуу жагдай өз учурунда жетпей калат...”

5-БЕТТЕ

Улуу залкардын тагдырындагы көз ирмемдер

8-БЕТТЕ

Бир ыптасын тоо, бир ыптасын шаар баскан айыл өкмөтү

9-БЕТТЕ

КАЗАКСТАН ПРЕЗИДЕНТИНЕН ЫРААЗЫЧЫЛЫК

КРнын Президенти Садыр Жапаров менен Казакстан Республикасынын Президенти Касым-Жомарт Токаев телефон аркылуу сүйлөштү.

Анда Казакстандын Президенти КРнын Президенти Садыр Жапаровго Казакстанда болуп өткөн кайгылуу окуяларда көрсөткөн колдоосу үчүн ыраазычылык билдирди. Ошондой эле, ЖККУнун тынчтык орнотуучу контингентинин өлкөдөн чыгарыла баштаганы тууралуу маалымат берди. Мамлекет башчылары кыргыз-казак эки тараптуу жана аймактык кызматташуунун бир катар актуалдуу багыттарын талкуулашты.

ПРЕЗИДЕНТТИН ЭМГЕК ӨРГҮҮСҮ АЯКТАДЫ

КРнын Президенти Садыр Жапаровдун кыска мөөнөттүү эмгек өргүүсү 17-январда аяктады. Эске салсак, Мамлекет башчысы Садыр Жапаров 10-январдан тартып кыска мөөнөттүү эмгек өргүүсүнө чыккан. Анткен менен өлкөдөгү жана чөлкөмдөгү кырдаал тууралуу толук маалымат алып, Министрлер Кабинетинин жана башка мамлекеттик органдардын жетекчилиги менен байланышта болуп турган.

КЕҢЕШМЕДЕГИ ТАПШЫРМАЛАР

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде кеңешме өткөрдү.

Жыйында жол инфраструктурасын башкаруу тутумун реформалоо жана мамлекеттик органдын 2022-жылга карата пландары боюнча сунуштар айтылды. Жыйынтыгында Транспорт министрлигинин балансында турган жолдорду тейлөөнү жакшыртуу, жол техникасын жаңылоо, ведомстволук иш-планын кайрадан карап чыгуу, 2022-жылга долбоорлор боюнча пландалган бардык курулуш объектилерин өз мөөнөтүндө сапаттуу бүткөрүү боюнча тапшырмалар берилди.

ЭМГЕККЕ ОРНОШТУРУУ БОРБОРУ

Министрлер Кабинети тарабынан КРнын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Чет жердеги жарандарды эмгекке орноштуруу борборун түзүү чечими кабыл алынды. Аталган чечим эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укугун коргоого багытталган. Чет жердеги жарандарды эмгекке орноштуруу борбору КРнын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу түзүм болуп саналат.

ЧҮЙДӨГҮ БИР КАТАР ОБЪЕКТИЛЕРДИН ИШИ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Чүй облусундагы жумушчу сапарында Ысык-Ата районундагы Интернационал жана Бос-Бармак айылдарындагы ичүүчү суу менен камсыздоо тутумунун курулушунун башталышы менен таанышты.

Объектинин сметалык наркы 97 млн 146 миң сомду түзөт. Ошондой эле, жергиликтүү эл менен жолугуп, актуалдуу социалдык-экономикалык маселелерди чечүү боюнча көрүлүп жаткан чаралар тууралуу айтып берди. Андан соң 2022-жылдын мартында пайдаланууга берилүүсү пландалган Интернационал айылындагы спорт комплексинин курулушунун жүрүшү, Токмок шаарындагы балык чарбасы менен таанышып, тармактык мамлекеттик органдарга балык чарбасынын ишин регламенттештирүү маселесин иштеп чыгуу тапшырылды. Акылбек Жапаров балык чарбалардын ишмердүүлүгүнүн мыйзамсыз аракеттеринен улам суу каптоо коркунучу болгон эл аралык маанидеги “Бишкек – Нарын – Торугарт” жол тилкесин көрүп чыгып, тиешелүү мамлекеттик органдарга маселени иликтеп, зарыл чараларды көрүү тапшырмасын берди.



ПЛАНДАЛБАГАН ТЕКШЕРҮҮ

Ишкерлердин көп сандаган арыздарына байланыштуу Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Арзыбек Кожошев Бишкек шаарындагы Ишкерлерди тейлөө борборуна пландан тышкары текшерүү менен барды.

Текшерүүдө 9 кызматкердин ичинен 5 мамлекеттик органдын: Юстиция министрлигинин, Саламаттык сактоо министрлигинин, Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык жана бажы кызматтарынын, Кыргызпатенттин өкүлдөрү гана иш ордунда болгон. Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары А.Кожошев кызматкерлери жумуш учурунда ордунда болбогон ведомство жетекчилери катуу жазаланаарын белгилеп, “Мен бул боюнча кеңешме өткөрөм. Мындай мамиле болгондугу өкүнүчтүү. Анткени, Ишкерлерди тейлөө борборунун бардык катышуучулары үчүн ыңгайлуу шарттар республикалык бюджеттин эсебинен түзүлгөн. Демек, каржы ресурстары ысырап болуп жатат”, – деген оюн билдирди.

ЖАҢЫ ЖЫЛДАГЫ АЛГАЧКЫ КЕҢЕШМЕ

Министрлер Кабинетинин 2022-жылдагы алгачкы кеңешмеси 15-январда болуп, Акылбек Жапаров өткөн жылдын финансы-экономикалык жыйынтыктары тууралуу баяндама жасады.

Жыйында мамлекеттин менчигиндеги жер тилкелерин берүүнүн тартибине тийиштүү, автотранспорт каражаттарынын салмак көлөмдүк көрсөткүчтөрүнүн талаптарын сактоо жана улуттук экспорттук көзөмөл тутумун өркүндөтүү чаралары боюнча чечимдердин долбоорлору каралды. Министрлер Кабинетинин мүчөлөрү COVID-19 илдетин дарылоо үчүн дарыдармек каражаттарынын жана медициналык буюмдардын тизмесин кайра экспорттоого убактылуу тыюу салуу жөнүндө чечимдин долбоорун жактырды. Автоунаалардын алдыңкы эшиктеринин каптал айнектерин караңгылатууга уруксат берүү үчүн төлөм киргизүүнү караган мыйзамга өзгөртүү киргизүү долбоору жактырылды. Жыйымдын өлчөмү жана төлөө тартиби мыйзам күчүнө киргенден кийин Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

Министрлер Кабинетинин чечими менен ченемдик укуктук актыларды инвентаризациялоонун алкагында 2858 токтом күчүн жоготту. Мындан тышкары, Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин алдындагы “Инновациялык борбор” мамлекеттик мекемеси жөнүндө жобо кабыл алынды. “Кумтөр Голд Компани” ЖАКнын убактылуу тышкы менеджери Теңгиз Бөлтүрүк 2021-жыл үчүн алтын кениндеги иштин жыйынтыгы боюнча отчетун берди.

ЖАҢЫ КОРПУСКА КАПСУЛА САЛЫНДЫ

КРнын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов И.Ахунбаев атындагы КММАнын Клиникалык көндүмдөрдү өнүктүрүү жана билимди баалоо борборунун жаңы корпусуна капсула коюу салтанатына катышты.

Ал медициналык жогорку окуу жайынын ата мекендик саламаттыкты сактоо тутумун түптөөдөгү тарыхый маанисин белгилеп, Министрлер Кабинетинин атынан академиянын профессордук-окутуучулук курамын жана студенттерин жаңы имараттын курулушунун башталышы менен куттуктады. Саламаттык сактоо тутумунда жаш адистердин айлык акысын жогорулатуу жаатында тийиштүү шарттар түзүлүүгө тийиш экенин айтып “Бул окуу жайда дүйнөлүк илимдин мыктылары иштеген. Бүгүнкү күндө дүйнөнүн ар кайсы булуңбурчтарында иштеп жаткан академиянын бүтүрүүчүлөрүнүн ийгиликтери жалпыга маалым. Учурда жаш дарыгерлердин өлкөдө иштеп калуусун камсыздоо милдети турат”, - деди Эдил Байсалов.

ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН КЕЗЕКТЕГИ ОТУРУМУ

Жогорку Кеңештин кезектеги отуруму 19-январда 10:00дө парламент имаратынын Жыйындар залында өтөт. Жыйындын күн тартибинде өлкөнүн социалдык-экономикалык абалы, жазгы талаа жумуштарына карата даярдык жана коронавирус инфекциясынын жайылуусун болтурбоо боюнча көрүлүп жаткан КРнын Министрлер Кабинетинин иш-аракети каралат.

Даярдаган
Жазгүл КАРБОСОВА

■ Эсти оодарган экономика

ЭКОНОМИКАНЫ ФИСКАЛДАШТЫРУУ САЯСАТЫ МЕЗГИЛДИН ТАЛАБЫ

Аракеттеги Министрлер Кабинетинин иштеп жатканына 3 айдын жүзү болду. Бул кыска аралыкта эмне деген сындар айтылбады. Азыр да Акылбек Жапаровго карата эби келбесе да сын айткандар толтура. Алардын түшүнүгү боюнча саясат деген ушундай болушу керек. Саясат майданында сын айтуудан мурун көтөрүп жаткан маселеңди терең иликтеп, туура эмес кетип жаткан багытты ачык көрсөтүп, аны чечүү жолдорун сунуш кылуу менен сын айтылышы керек. А биздечи, "Бир ит көрүп үрөт, көп ит көрбөй үрөт..." дегендей эле.

Негизи идеалдуу бийлик болгон эмес. Мындан кийин да болбойт. Ушул мыкты деген бийлик дагы баарына тегиз жакпаган. Мурунку Өкмөт башына келген адамдарды "Экономиканы түшүнбөйт, коррупция менен көмүскө экономикага каршы күрөштү качан баштайт?" деп сын айтып келгенбиз. Азыркы Акылбек Жапаров башында турган Министрлер Кабинети коррупция менен көмүскө экономиканы ачыктоого киришип жатса, аны дагы сындап "Акылбек Жапаров быйыл Салык кызматына 150 млрд сом, Бажы кызматына 100 млрд сом жыйнайсыңар деп план койду. Бюджетти толтуруу үчүн элдин жонунан кайыш тилет..." деп кокуйлап жибериштиби.

Акылбек Жапаров кызматка дайындалып жаткан кезде "Бардык амбицияларды таштап, экономика боюнча элге ачык чындыкты айтып бере турган мезгил келди. Бизде мындан башка жол жок" деп айткан.

Чындыгында, ааламдашуу процессинде жүрүп жаткан кризистер, дүйнөлүк экономикадагы абал биздин чакан улуттук экономикабызды айланып өтүп кетпейт. Чоң терс таасирин тийгизип жатат. Дүйнө ушунчалык тездик менен өзгөрүп баратканын баарыбыз аңдап жатабыз. Башка мамлекеттер ошондой өзгөрүүлөргө даяр болуп, өзүнүн улуттук экономикасын реформалоого эбак киришкен.

Бүгүнкү Аткаруу бийлиги эгемен Кыргызстандын тарыхындагы эң терең сазга баткан экономикалык кризис учурунда иштеп жатат. Бул абалга азыркы бийлик башындагы жетекчилер эмес, жеке өзүнүн үй-бүлөлүк бюджетин ойлогон, эл менен эсептешпеген, бир нерсени оңдоого дарамети жетпей, кароолчудай болуп олтурган мажирөөлөр жеткизгенин моюндашыбыз керек. Ошолордун мезгилинде чет жактан келген кредиттер менен казынага түшчү акчалар дайынсыз таланып-тонолгонун, бизнесмендердин көбү көмүскө экономикага түшүп кеткенин кантип танабыз? Дүйнөлүк экономикага чоң сокку урган коронавирус илдетинин эпкини кыргыз экономикасын тизелетип, сырттан акча күтүп олтуруп калган күндөрүбүз болгону да реалдуулук. Бирөөбүз да андай болгон эмес деп айта албайбыз. Баш аламан башкаруунун кесепетинен бирдиктүү мамлекеттик экономикалык саясат биротоло кыйраган. Ушундай оор кризистик кырдаалды оңдоо вазийпасы Акылбек Жапаровго жүктөлүп олтурат.

Министрлер Кабинети ишке киришип жатып, консолидацияланган бюджеттин ресурстарын жогорулатабыз, 2021-жылды 280 млрд сом менен аяктайбыз, 2022-жылы 400 млрд, 2023-жылы 500 млрд, 2024-жылы 600 млрд сомдун тегерегине жеткизүү тууралуу амбициялуу программасын алып чыкканда, баары ишенген эмес. Сынчылар "кезектеги апыртма" деп айтып чыгышпады беле.

Бирок, ошол план акырындык менен аткарылып келатат. 2021-жылдын консолидацияланган бюджети 281,3 миллиард сом деңгээлинде бекитилген. Республикалык бюджеттин тартыштыгы 8,5 миллиард сом деп болжолдонгон. Жылдын башында салык жана бажы төлөмдөрүн чогултуу бекитилген пландан артта калып жатканы байкалса, экономиканы фискалдаштыруу жана санариптештирүү реформасы кыска аралыкта эле натыйжасын берип, Салык кызматы салык кирешелери боюнча планды 7,9 млрд сомго ашыра аткарып, бюджетке 104,2 млрд сом түшүрсө, Бажы кызматы бюджетке 46,8 миллиард сом түшүргөн. Жалпысынан мамлекеттик бюджеттин салык кирешелери толугу менен аткарылып, 151 млрд сомду түзгөн.

Мындан тышкары, өткөн жылы мамлекеттик бюджеттин салыктык эмес кирешелери толугу менен аткарылып, 44,7 млрд сомду түзүп, бекитилген пландан 13 миллиард сомдон ашык болгон.

Бул цифралар 2021-жылдын консолидацияланган бюджети 311 млрд сомду түзүп, бекитилген планга салыштырмалуу 30 млрд сомго өскөн дегенди билдирет. Демек, азыркы Аткаруу бийлиги өз максатына жетти деп айтканга толук негиз бар.

"Акылбек Жапаров элге салык салып, бюджетти толтурууну көздөп жатат" деген экономиканы түшүнбөгөндөрдүн сөзү. Аткаруу бийлиги бир дагы жаңы салык киргизбеди, салыктын суммасын да көтөргөн жок. Тескерисинче, экономикада структуралык реформа жүргүзүүгө аракет кылып жатат. 30 жылдан бери сырттан келген акчаларга ишенип, жыргап жүрө берген болсок, азыр "Өзүбүздүн экономиканы өзүбүз иретке келтиришибиз керек. Кыялдар менен жашабай, реалдуулукка өтөлү. Жаңы экономикалык саясатты түптөйлү" деген чакырык ташталды. Экономика менен алектенгендер оорулуу экономика, таблетка берип койсом оңолуп кетээр, же болбосо 40 күн суу берсем бутуна туруп кетет деп атышып, бүгүнкү деңгээлге жеттик. Бирөөсү дагы операция жасайм деп айтпай келишти. Бүгүнкү бийлик абалды элге ачык айтып, оорулуу экономиканы операция кыла турган учур келгенин айтып жатат. Коркунучту көргөндөн кийин экономиканы дарылап, кереше жагын көбөйтүп, эстүүлүк менен башкаруу мезгилдин талабы экенин баарыбыз түшүнүп турабыз.

Республикалык бюджеттин кереше бөлүгүн көтөрүү элдин жонунан кайыш тилүү жолу менен болбойт. Ачык-айкындуулук менен иш ашканы жатат. "Таза эмгек, адилеттүү салык, социалдык теңчилдик" деген жаңыча көз караш менен иштөө механизми элдин келечегине, бакубат жашоосуна оң таасирин гана тийгизсе, терс таасирин тийгизиши мүмкүн эмес. Эгер, мурункудай тенденция менен эптеп-септеп күн өткөрүп, бирибирибизге тийишпейли, салык төлөбөгөндөр төлөбөй эле койсун, контрабандисттер байый берсин, салыкты көзөмөлдөгөндөр акчаны бюджетке эмес, өзүнүн чөнтөгүнө сала берсин десек, таз кейпибиз боюнча гана кала берерибиз айдан ачык.

Биз санариптештирүү боюнча КМШнын ичинде, ЕАЭБдин алкагында эң артта калган өлкө болгонубузду мойнубузга алалы. Жаңы ыкмаларды киргизген Алматы шаары 2018-жылы 1 млрд 650 млн доллар салык чогулткан. Кыргызстанда 2018-жылы бажы менен салык кызматы биригип, болгону 103 млрд сом чогултуп жатышат. Бул 1 млрд 300 млн доллардын тегерегиндеги акча болгон. Бүтүндөй өлкө бир шаар чогулткан салыктан аз чогулткан. Кыргызстан менен Алматы шаарын теңеп болбойт да. Армениянын аймагы Ош облусундай эле, 3 млн калкы бар, салыктан чогулткан акчасы 3 млрд доллардан ашат. Биздин жарым территориябыз менен тең Грузия 6 млрд доллардын тегерегинде акча чогултат. Ал жакта "Кумтөр", Нарын дарыясындагы ГЭСтер жок. Эстонияда 1,5 млн гана эл жашайт. Салыктын түрлөрү биздикиндей эле. Бирок, баары салык төлөгөндүктөн, алар 10 млрд евродон ашык салык чогултуп жатышат. Биз дагы жаңы ыкмаларды киргизсек 6 млрд доллардын тегерегинде бюджетибизди толтурганга кудуретибиз жетмек. Мына ошондо мугалим, врачтардын орточо айлыгын 500–600 долларга, орточо пенсияны 300 долларга көтөрө алабыз. Азыр 2 млрд долларга эптеп чыгып жатабыз. Жаңы ыкмаларды киргизүү үчүн саясий эрк, башы иштеген профессионалдарга гана таянуу керек. Эртеби-кечпи ушул жолго барууга аргасызбыз. Мындан башка жолубуз жок.

Аарылар гүлдөн-гүлдү тандап, андагы шерелерди уясына ташып, бал чогултушат. Биз дагы аарылардай болуп, баарыбыз мамлекеттин келечеги үчүн жан үрөп иштей турган учурдабыз.

Акылбек Жапаров дагы консолидацияланган бюджеттин ресурстарын жогорулатууну айтып, 600 млрд сомдун тегерегине чыкканда, ИДП менен тең болорун айткан жайы бар. ИДПнын дээрлик көпчүлүгү көмүскөдө экени белгилүү. Ошондуктан, аткезчиликти, көмүскө экономиканы ачыктоо менен гана бюджетти көтөрө алабыз. Бул үчүн элибизде ынтымак, бийликте ачык-айкындуулук гана болушу шарт.

Нартай ТАГАЕВ

■ Кабарлар

"БИЙ ӨНӨР" КООМДУК ФОНДУ НЕГИЗДЕЛДИ

Бул фонд Кыргыз улуттук бий искусствосу жаатындагы маданий мурасты сактоо жана колдоо боюнча иш алып барат.

Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Азамат Жаманкуловдун айтымында "Бий өнөр" коомдук фонду кыргыздын улуттук бий искусствосу жаатында ар кандай илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү менен биргеликте улуттук фольклорду өлкөдө жана чет жактарда чагылдыруунун заманбап формаларын иштеп чыгууну көздөйт жана кыргыз бийин жайылтууга салымын кошот.

СУЮК АЗОТ ӨНДҮРҮҮЧҮ ЗАВОД

Ош облусунун Кара-Суу районунун Баш-Булак айылында суюк азот өндүрүүчү заводдун курулушу башталды. Бул тууралуу Айыл чарба министрлигинин басма сөз кызматы билдирди. Завод 2022-жылдын 1-апрелинде ачылып, Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарындагы фермерлерди жана асыл тукум станцияларды суяк азот менен камсыздайт. Суюк азот жасалма жол менен уруктандырууда колдонулат.

БИШКЕКТИН КӨЧӨЛӨРҮН УНААЛАР ТАЗАЛАЙТ

Бишкек мэриясы "Тазалык" ишканасынын кызматкерлеринин коопсуздугун камсыздоо жана ишин жеңилдетүү үчүн электр кубаттагыч менен жүрө

турган автоунаа сатып алууну көздөп жатат. Эксперимент катары "KAMI" жүк ташуучу электромобилди ишке киргизүү пландалып жаткандыгы белгилүү болду. Электр унаасы Бишкекте кураштырылат жана 20 км жолду жууп, тазалай алат.

Даярдаган Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК, СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДОО ЖАНА МИГРАЦИЯ МИНИСТРЛИГИНИН ВЕДОМСТВОЛУК БӨЛҮМДӨРҮНҮН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУЧУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимдерин иретке келтирүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-июлундагы №429 "Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин алдындагы Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды реабилитациялоо борбору жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) токтомдун аталышындагы жана 1-пунктундагы "Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин алдындагы Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү" деген сөздөр "Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Майыптыгы бар" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин алдындагы Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды реабилитациялоо борбору жөнүндө жободо:

аталышындагы "Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин алдындагы Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү" деген сөздөр "Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Майыптыгы бар" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Майыптыгы бар адамдарды реабилитациялоо борбору (мындан ары - Реабилитациялоо борбору) Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин (мындан ары - Министрлик) ведомстволук мекемеси болуп саналат.";

- 3-пунктунда:

бешинчи, алтынчы абзацтары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- мамлекеттик тилде: "Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Майыптыгы бар адамдарды реабилитациялоо борбору";

- расмий тилде: "Центр реабилитации лиц с инвалидностью при Министерстве труда, социального обеспечения и миграции Кыргызской Республики.";.

сегизинчи, тогузунчу абзацтарындагы "ДМЧАРБ", "ЦРЛОВЗ" деген аббревиатуралар "МБА РБ", "ЦР ЛИ" деген аббревиатуралар менен алмаштырылсын;

- 9-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"9. Реабилитациялоо борборун министрдин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалуучу жана кызмат ордунан бошотулуучу директор жетектейт.";

- 10-пунктундагы "статс-катчынын" деген сөз "Реабилитациялоо борборунун директорунун" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 16-пунктундагы "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 25-августундагы №511 "Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемеси жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышындагы жана 1-пунктундагы "Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин" деген сөздөр "Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемеси Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемесинин укук улантуучусу болуп санала тургандыгы белгиленсин.";

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемесинин тиркелген Уставында:

- аталышындагы жана 1-пунктундагы "Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин" деген сөздөр "Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 3-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Мекеменин толук аталышы:

- мамлекеттик тилде: "Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемеси";

- расмий тилде: "Республиканское учреждение протезно-ортопедических изделий при Министерстве труда, социального обеспечения и миграции Кыргызской Республики.";

- 11-пунктунун биринчи абзацындагы "өзү өндүрүүчү продукцияга" деген сөздөр "өзү өндүрүүчү буюмдарга" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 14-пунктунда:

экинчи абзацындагы "чет өлкөлүк" деген сөздөр "заманбап" деген сөз менен алмаштырылсын;

төртүнчү абзацындагы "заказчыга маалымкат берет" деген сөздөр "маалымдайт" деген сөз менен алмаштырылсын;

бешинчи, алтынчы абзацтары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- протездик-ортопедиялык буюмдарды ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын муктаждыктарына ылайык талаптагыдай сапатты жана комплекттүүлүктү сактоо менен жасоону камсыздайт;

- кресло-коляскаларды чогултууну, сактоону жана аймактык түзүмдүк бөлүмдөргө берүүнү Министрликтин разнарядкасы боюнча ишке ашырат;";

- сегизинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- мекеменин өндүрүштүк кубаттуулугун максималдуу пайдаланат, чыгарылып жаткан буюмдардын сапатын жогорулатат, заказчылардын сунуштарына жана керектөөлөрүнө ылайык өзү чыгарган буюмдарды өркүндөтүп турат;";

он экинчи абзацындагы "продукция" деген сөз "буюмдарды" деген сөз менен алмаштырылсын;

он үчүнчү абзацындагы "мыйзамдарда каралган" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 15-пунктунда:

бешинчи абзацындагы "өндүрүлгөн продукцияга" деген сөздөр "өндүрүлгөн буюмдарга" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

жетинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- күнүмдүк оңдоого, курулуш-монтаждоо башкармалары менен капиталдык оңдоого келишимдерди түзүүгө;";

төмөнкүдөй мазмундагы он экинчи абзац менен толукталсын:

"- тажрыйба алмашуу боюнча профилдик ата мекендик жана чет өлкөлүк ишканалар менен өз ара аракеттенүүгө жана кызматташууга.";

- 19-пунктундагы "Премьер-министри" деген сөз "Министрлер Кабинетинин Төрагасы" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 25-пунктунун үчүнчү абзацындагы "кирешелер" деген сөз "каражаттар" деген сөз менен алмаштырылсын;

- 27-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"27. Мекеменин өндүрүштүк-чарбалык ишинен алынган каражаттар анын толук карамагына түшөт. Мекеме өндүрүштүк-чарбалык иштен алынган каражаттарды чыгымдоо багыттарын кирешелердин жана чыгашалардын бекитилген сметасына ылайык өз алдынча аныктайт.".

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-октябрындагы №570 "Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин алдындагы Республикалык медициналык-социалдык экспертизалоо борбору жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышындагы жана 2-пунктунун экинчи абзацындагы "Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин алдындагы" деген сөздөр "Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин алдындагы Республикалык медициналык-социалдык экспертизалоо борбору жөнүндө жободо:

- аталышындагы жана 1-пунктундагы "Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин алдындагы" деген сөздөр "Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 6-пунктунун үчүнчү, төртүнчү абзацтары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- мамлекеттик тилде: "Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Республикалык медициналык-социалдык экспертиза борбору" мекемеси;

- расмий тилде: "Учреждение "Республиканский центр медико-социальной экспертизы при Министерстве труда, социального обеспечения и миграции Кыргызской Республики.";

- 11-пунктунда:

он экинчи, он үчүнчү, он сегизинчи абзацтарындагы "Социалдык өнүгүү" деген сөздөр "Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 12-пунктунун үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- күбөлөндүрүүдөн өтүүчү адамдарды диагнозун тактоо жана калыбына келтирүүчү дарылоо, кошумча медициналык текшерүүдөн өтүү үчүн дарылоо-профилактикалык мекемелерине, ошондой эле медициналык-социалдык реабилитациялоо борборлоруна жиберүүгө;";

- 13-14-пункттары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"13. Борбор Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин алдында түзүлөт.";

14. Борбордун жогору турган органы болуп Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги саналат.";

- 15-пунктундагы "Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүгүү министринин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Премьер-министри" деген сөздөр "министрдин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 16-пунктунда:

төртүнчү абзацындагы "борбордук аппараттын кызматкерлерине" деген сөздөр "Борбордун борбордук аппаратынын кызматкерлерине" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

онунчу абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- Борбордун борбордук аппаратынын кызматкерлеринин жана райондор аралык, шаардык медициналык-социалдык эксперттик комиссиялардын кызматтык нускамаларын бекитет;";

- 18-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"18. Аймактык (райондор аралык жана шаардык) медициналык-социалдык эксперттик комиссиянын төрагасы болуп жогорку медициналык билими бар, адистиги боюнча 5 жылдан кем эмес иш стажына ээ болгон адам бир үч жылдык мөөнөткө дайындалат.";

- 22-пунктундагы "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 24-июнундагы №406 "Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин алдындагы "Балдар үчүн ишеним телефону" борбору" мамлекеттик мекемеси жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышындагы жана 2-пунктундагы "жана социалдык өнүгүү министрлигинин алдындагы" деген сөздөр ", социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) 1-пунктундагы "Социалдык өнүгүү министрлигинин алдындагы" деген сөздөр "Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

3) жогоруда аталган Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин алдындагы "Балдар үчүн ишеним телефону" борбору" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жободо:

- аталышындагы "жана социалдык өнүгүү министрлигинин алдындагы" деген сөздөр ", социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу "Балдар үчүн ишеним телефону" борбору" мамлекеттик мекемеси (мындан ары - Борбор) Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин (мындан ары - Министрлик) ведомстволук мекемеси болуп эсептелет.";

- 3-пунктунун бешинчи, алтынчы абзацтары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- мамлекеттик тилде: "Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу "Балдар үчүн ишеним телефону" борбору" мамлекеттик мекемеси";

- расмий тилде: "Государственное учреждение "Центр "Телефон доверия для детей" при Министерстве труда, социального обеспечения и миграции Кыргызской Республики.";

- 7-пунктундагы "укуктары бузулгандыгы жөнүндө маалыматтарды чогултат жана аларды балдарды коргоо боюнча иштерди жүзөгө ашырган органдарга жана мекемелерге жиберет" деген сөздөр ", жарандардын укуктары бузулгандыгы жөнүндө маалыматтарды чогултат жана аларды балдарды, жарандарды коргоо боюнча иштерди жүзөгө ашырган, ошондой эле социалдык кызматтарды көрсөтүүчү органдарга жана мекемелерге жиберет" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 9-пунктундагы "жардам көрсөтүү" деген сөздөрдөн кийин ", ошондой эле турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөргө жана балдарга көрсөтүлүүчү социалдык кызматтар боюнча жарандарга консультацияларды берүү" деген сөздөр менен толукталсын;

- 10-пункту төмөнкүдөй мазмундагы алтынчы абзац менен толукталсын:

"- турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөргө жана балдарга көрсөтүлүүчү социалдык кызматтар жөнүндө телефон аркылуу абоненттерге консультация берүү.";

- 11-пункту "психологиялык" деген сөздөн кийин "жана консультациялык" деген сөздөр менен толукталсын;

- 17-пункту төмөнкүдөй мазмундагы сегизинчи абзац менен толукталсын:

"Борбордон билдирүү алган органдар жана мекемелер ыкчам түрдө чара көрүшөт жана чечимдерди кабыл алышат, тиешелүү жардам көрсөтүшөт же абоненттин маселесин же көйгөйүн чечүү боюнча консультацияларды беришет. Кароонун жыйынтыктарын жазуу жүзүндөгү, айрым учурларда оозеки түрдөгү жоопту Борборго беришет.";

- 21-пунктунун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- абоненттерге сапаттуу консультациялык-психологиялык жардам көрсөтүү;";

- 22-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"22. Борборду балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалуучу директор жетектейт.".

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 13-ноябрындагы №550 "Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемесин түзүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышындагы жана 1, 2, 6-пункттарындагы "жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы" деген сөздөр ", социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемесинин уставы ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 6-апреліндеги №197 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде аткаруучу бийликтин мамлекеттик органдарынын карамагындагы мекемелерде иштеген кызматкерлердин эмгегине акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 7-тиркемесинде:

- аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Республикалык медициналык-социалдык экспертиза борборунун, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Майыптыгы бар адамдарды реабилитациялоо борборунун жана Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу "Балдар үчүн ишеним телефону" борбору" мамлекеттик мекемесинин кызматкерлеринин кызматтык маяналарынын өлчөмдөрү";

- 2-главасындагы "Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген" деген сөздөр "Майыптыгы бар" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 17-декабры, №318

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 15-ИЮЛУНДАГЫ №78 "УЛУТТУК КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кесиптик билим берүү системасынын жана эмгек рыногунун ыраатуулугун камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №425 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмү жана курамы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын түзүмү жөнүндө" Жарлыгына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-июлундагы №78 "Улуттук квалификациялык кеңеш жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен түзүлгөн Улуттук квалификациялык кеңештин курамы ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Улуттук квалификациялык кеңеш жөнүндө жободо:

- 11-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"11. Кеңештин катчылыгы Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги болуп саналат.".

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 10-январы, №1

■ Коомдун коопсуздугу

Улуттук коопсуздук комитетинин төрагасынын мурдагы биринчи орун басары, генерал-майор Артур МЕДЕТБЕКОВ:

“ПРЕЗИДЕНТТЕРГЕ РЕАЛДУУ ЖАГДАЙ ӨЗ УЧУРУНДА ЖЕТПЕЙ КАЛАТ...”

- Артур Капарович, Казакстанда нааразычылык акциясына чыккандар алгач социалдык көйгөйлөрдү айтып чыгышса, кийин саясий талаптарын коюшту. Президент К.Токаев өлкөдөгү абалды террористтердин агрессиясы деп баалап, ЖККУдан жардам сурап, абалды тынчтандырды. Сиздин баамыңызда мындай баш аламандыктын себеби эмнеден келип чыкты?

- Казакстанда 30 жылдан бери авторитардык-тоталитардык режим болуп келди. Мамлекетти бир үй-бүлөлүк клан башкарып, бүт майлуу-сүттүү жерлерге жакындарын коюп, карапайым эл көңүл сыртында калды. Эли жакырчылыктан чыга албай, күндөн-күнгө айылкыштактарында жашоо кыйындап бара жаткан. Экинчиден, пандемия да катуу кедергесин тийгизди. Анын үстүнө бийлик пандемияны шылтоолоп мамлекетти жабык аймакка айландырды. Ошондой эле мамлекеттик деңгээлдеги лидерлер кысымга чыдабай чет жакка качып кетишти. Керек болсо ачык көз карашын билдирген бийликтеги кээ бир адамдар соттолуп, кээ бири куугунтукка алынды. Чындыгын айтыш керек акыркы беш жылда укук коргоо органдары өздөрүн кудай сезип, жөнөкөй жарандарга мыйзамсыз кысым көрсөтүп келишти. Мына ошонун бардыгы толгон шар сымал бир күнү чегине жеткенде жарылды. Суюлтулган газга болгон баанын чегин көтөрүп жибергенден кийин каршылык акциялары башталды. Элдин койгон социалдык талабы саясий талапка айланып кетти. Бийлик мындай нааразычылык акцияларын басып көнүп калган. Бул жолу оңой болгон жок. Нааразы болгон элдин саны аябай көп болуп кеткендиктен, кандайдыр бир деңгээлде айлаларын таппай калышты. К.Токаев президент болгон убакыттан бери Назарбаевге көз каранды болуп келген менен өзүнүн командасын да түзүп жаткан. К.Токаевдин жаңы командасы менен Н.Назарбаевдин эски командаларынын ортосунда билинип-билинбеген көмүскө карама-каршылыктар болуп келген. Кырдаал курчуганда бул жагдай да роль ойноп кетти. Бул окуяларга чет жактын да таасири тийди десем жаңылышпайм. Себеп, М.Аблязов сыяктуу качып жүргөн оппозиционерлер чатак чыга баштаганда Украинага келишип телевидение, интернет аркылуу ар кандай маалыматтарды айтып, бийликке каршы элди үндөп-үгүттөп турушпадыбы. Алардын аркасында ким турат? Батыш өлкөлөрүнүн атайын кызматынын адамдары турбайт деп эч ким кепилдик бере албайт да. Анткени, алардын да кызыкчылыктары бар.

- Алар кандай кызыкчылыкты көздөйт дейсиз?

- ЖККУга мүчө болуп кирген мамлекеттер ортосунда карама-каршылыктардын күчөшүн каалашат. Кландык-авторитардык бийликтин кетиши менен алардын көздөгөн кишилери бийликке келип калса, өздөрүнө экономикалык жактан жакшы шарттар түзүлөт деген ойдо болушкан. Ошону менен Казакстанды Россиядан жана ЖККУдан буруу максаттары болушу мүмкүн.

Эл социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү көтөрүү менен саясий талаптарды коюп, өздөрүнчө уюшулган бир топко айланып калышты. Адегенде эл менен полиция кызматкерлеринин ортосунда талаш-тартыш учурунда эч кандай ок чыгаруу болгон эмес. Андан кийин аларды ордуна коюш үчүн бийликтин ортоңку жана жогорку тепкичиндеги адамдар буларга атайын даярдалган чагымчыл топторду шыкап, атышууга шарт түзүп коюшту. Алардын максаты – куралдуу көтөрүлүш чыгарышты деген кине менен катуу жазалап, мындан ары мамлекеттин конституциялык түзүлүшүнө каршы эч кандай күчтөр чыкпашы үчүн ордуна коюу болгон. Баш аламандык, атышуу өзгөчө мамлекеттин түштүк аймагында болду. Мындай учурдан уктап жаткан экстремисттик диний топтор пайдаланып кетишин шарттап койду. Бул бир жагы. Экинчи жагы бийлик түзгөн топтор арасында атышуу ырбап кеткенде токтотууга мүмкүн болбой калды. Ал эми өлкөнүн түндүк аймагында баш аламандык мынчалык деңгээлге жеткен жок. Себеби, ал жакта диний радикалдуу уюмдардын мүчөлөрү аз, жокко эсе десек болот. Анын үстүнө ал жактагы күндүн суугунан да эл чыга алышкан жок.

Укук коргоо органдары окуянын мынчалык өрчүп кетишине маани бербей же анализдей албай ушундай деңгээлге кантип келгенин сезбей калды. Сырткы күчтөрдүн аралашуусу менен болгонуна эч кандай далил жок. Бирок ага карабай казак бийлигинин так ошол террордук коркунуч жөнүндө айтканы ЖККУнун кийлигишүүсүнө негиз берди.

- ЖККУнун аскерлеринин киргени туура болдубу? Бизде кыйналган элге гуманитардык жардам берели, бирок, аскерлерибизди киргизбейли деп митингге чыккандар, каршы пикирлерин социалдык тармактар аркылуу билдиргендер арбын болду.

- Биздин мамлекет ЖККУга мүчө катары кирген. Канча жылдан бери бул уюм аркылуу куралжарактарды алуу менен ар кандай машыгууларына катышып келе жатат. Алар менен биргеликте терроризм, экстремизм, нарко каналдарды жабуу боюнча маалымат алып турабыз. Бул ачык сөз. ЖККУнун Казакстанга аскерлерди киргизүү чечимине келиши Россия менен Казакстандын президенттеринин ортосундагы биринчи макулдашуусу болуп калды. Экинчиден, мындай чечимге келишине айласы куруган укук коргоо органдарынын жана саясатчылардын ызы-чууга алдырганы түрткү болду. Президент К.Токаев кырдаал курч, чет элден террористтер кирди деп билдирүү жасап жибербедиби. Албетте, куралдуу кагылышуулар, өлүмдөр болуп жаткандан кийин сырт жактан болгон террордук агрессияны тыюу максатында ЖККУга мүчө мамлекеттердин жетекчилерине кайрылып, аскерлерин киргизүү чечимин чыгарышты. ЖККУнун уставына ылайык мындай чечим мыйзамсыз болуп калды. Бирок, сырттан 20 миңге жакын террористтер кирди деген билдирүүдөн кийин киргизүү чечимин кабыл алышты. Канткен менен мамлекет катары өзүбүздү сыйлап, ЖККУнун келишимин аткаруу зарылдыгынан улам аргасыз ушул чечимге бардык. Бул тарых алдында канчалык деңгээлде туура болду аны келечек көрсөтөт. Биздин аскерлер дегеле ЖККУнун аскерлери карама-каршы чыккан жактарга куралдуу күч колдонушкан жок, колдоно да алышпайт.

- ЖККУ негизделгенден бери өз мүчөлөрүн колдоо үчүн биринчи жолу аскерлерин пайдаланды. Мурда ички куралдуу жаңжалдарга катышуудан баш тартып келчү. Сиз жогоруда белгилегениңиздей, Россиянын бул маселеге кийлигишүүсү анын сырткы саясатында Казакстан өзгөчө роль ойной тургандыгын көрсөтүп койду. Кыйын кырдаалдарда биз өз көйгөйүбүз менен өзүбүз алпурушуп калганбыз...

- Ооба, бул уюмдун негизги максаты – мүчө мамлекеттерди сырткы күчтөрдүн агрессиясынан коргоо жана стабилдүүлүктү сактоого салымын кошуу. ЖККУ өзүнө мүчө мамлекеттин ичинде болуп жаткан баш аламандыктарга, улут аралык араздашууларга дайыма эле кийлигише бербейт. Бизге 1999-2000-жылдары эл аралык террористтик баскынчылар киргенде армиясын киргизген эмес. Экинчиден 2005, 2010, 2020-жылдары мамлекетибиз башынан кечирген оор кырдаалда анда да сырттан карап, аралашкан эмес. 2010-жылы республикабыздын түштүк аймагында болгон улуттар арасында чыккан жаңжалда 500дөн ашык киши каза болду, миңдеген үйлөр өрттөлдү. Ошондо да ЖККУ эч кандай жардам бербеди. Кыргыз мамлекети жаманбы-жакшыбы кырдаалды жөнгө салып, калыбына келтирүүдө өз көйгөйүн эл өзү чечти. Кыргызстанда жарандык активдүү позиция өтө күчтүү.

- Казакстан Борбордук Азияда таасирдүү жана күчтүү өлкө эмеспи. ЖККУнун жардамысыз тополоңду өз күчтөрү менен баса албайт беле?

- Албетте өздөрүнүн күчү жетмек. 80 миң армиясын, башка структураларын, полиция кызматкерлерин кошкондо жалпы 100 миңге бармак. Акыркы убактагы параддарында армиясын, коргоо жана атайын күчтөрүн жогорку деңгээлге көтөргөнүн көргөзүп жатышат. Дүйнөлүк маселелерге активдүү катышып, өзүн Борбордук Азияда лидер өлкө катары көргөзүүгө шарттарды түзүп койгон. Аларда укук коргоо органдарына бөлүнгөн каражат өтө чоң. Керек болсо биздин мамлекеттин бюджетинен да жогору. Бирок, ошол күчтөрдү туура пайдаланып, аныктап, тактап мамлекетте болуп жаткан окуяларга саясий жана укуктук баа берип туруу керек эле. Элдин үнүн угуп алдын ала сүйлөшүү жолу менен чечкенде мындай тополоң болмок эмес. Ич ара карама-каршылыктар да өз таасирин берди.

- Казакстанда кылмышкерлерди жок кылуу операциясында биздин да жарандар кармалды. Сиз белгилеген биздин жарандык коомчулуктун активдүүлүгү өзгөчө пианист Викрам Рузахуновду колдоп, коргоодон көрүндү окшойт...

- Террордук аракеттерди жасаган деген кине менен 6-7 миң кишини кармашты. Биздин жарандарды да айыптаганга аракет кылышты. Бирок, жарандык коомчулук активдүү болуп, социалдык баракчалардан тынбай жапырт жазып, айтып чыкканда мамлекеттик деңгээлде айыптаган маалыматтарын азайтып калышты. Жеке эле Рузахунов кармалган жок, башка жарандарыбыз да болду. Дагы канча жараныбыз бар экени белгисиз. Рузахуновдун сабалып, күнөөнү мойнуна алышы айрым полиция кызматкерлеринин ыплас аракеттеринен улам болду. Ага башка өлкөдөн кирген экстремисттик-террористтик топтун мүчөсү деген айыпты такканга аракеттерди жасашты. Бирок, бийликтеги адамдардан тартып ар бир жараныбыз, мындай маалыматтарды четке кагып, куру айыптоолорго жол бербестигин ачык айтып чыгышты. Тышкы иштер министрлиги өз убагында Казакстанга нота жөнөттү. Укук коргоо органдары да кайрылышты. Талдап, териштире келишкенде ката кетип калганын түшүнүштү. Биздин жарандар ал жакка терроризм же экстремизм менен алектенүү үчүн эмес, ооматтын айынан үй-бүлөсүн багуу үчүн айласыз мигрант болуп барышат.

- Чет жактан келген террористтерди издеп жатышат. Бул жаатта өздөрүнүн ичиндеги абал кандай?

- Албетте өздөрүнүн ичинде террористтик-экстремисттик уюмдарга кирип, Сирия, Ирак, Ооганстандагы согуштарга катышкан жарандары жок эмес. Ал жактан атайын лагерден өткөндөрү да бар. Акыркы убакта салафизм менен таблиги жамааттын мүчөлөрүнүн көбөйүшү жогорку деңгээлге жеткен. Ушул сыяктуу коңулда уктап жаткан уячалар бар. Мына ошолордун ичинен издеши керек.

- ЖККУнун онлайн кеңешмесинде Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Казакстандагы тоноочулукка жана мыкаачылыкка катышкан кылмышкерлердин биздин мамлекеттик чек аралардан өтүп кетүү коркунучу бар экендигин айтты. Мындай кооптуу жагдай барбы?

- Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаровдун айткан сөзүнүн бир мааниси террористтик-экстремисттик уюмдардын идеясына каршы күрөшүүдө бир да мамлекет жогорку деңгээлде туруштук бере албай турат. Жөнөкөй эле мисал, туруштук бере алган болсо Россия, Америка, Англия сыяктуу өлкөлөрдө террордук жардыруулар, өлтүрүүлөр болбойт эле. Биздин мамлекет Борбор Азияда орун алган соң, террордук-экстремисттик идеялардын экспорттолуп келиши абдан чоң. Ага бүтүндөй үй-бүлөлөрдүн Сирияга азгырылып кетип калган бир топ окуялары далил болот. Кыргызстандын миңге жакын жарандары Сирия жана башка мамлекеттерде согушка катышып, Ооганстандын Кундуз провинциясында дагы өзүнчө чакан отрядга киргендер тууралуу маалыматтар бар. Албетте, мындай жагдайлар мамлекетибизди кооптондурат. Себеби, алар жакындары жана уктап жаткан уячалары менен байланышта болуп турушат. Алар ачык чек арадан кирип кетпегени менен көмүскөдө жүргөн топтору кирип кетиши мүмкүн. Алардын иш-аракеттери мамлекеттин ичиндеги жагдайдан билинет. Ошондуктан, террордук-экстремисттик топторго каршы туруу мамлекеттер биргелешип маалымат алмашуу менен туруктуу күрөшүү процесстерин жүргүзүп туруу зарыл.

Ооганстандагы талибандар Тажикстан менен Өзбекстанга өлкөдөн чыгып кеткен учкучтарды тез арада кайтарып бербесеңер силер менен башкача сүйлөшөбүз деген талап коюп жатат. Мунун аягы эмне менен бүтөт? Эгерде алар кайтарып бербесе, локалдуу конфликттерди чек араларда башташы мүмкүн. Бул дагы Борбордук Азияда орчундуу кооптуу жагдайды түзөт. Ошондуктан бүгүнкү күнү террористтик-экстремисттик диверсиянын өзгөчө ЖКМ жана интернет булактары аркылуу чыгышы биз үчүн коркунучтуу. Ага негиз бар. Акыркы кездерде динге аралашкан жаштар көп. Алардын көпчүлүгүн билинип-билинбеген экстремисттик идеядагы үндөөчүлөрү арасынан билгизбей тартып алат. Кандайча кирип кеткендерин өздөрү аңдабай калышат. Атайын Пакистан, Араб өлкөлөрүнө окууга жиберишет. Пакистандын аймагындагы медреселердин көпчүлүгү экстремисттик багытка үндөгөн окуу жайлар. Ал жактан аң-сезимдери бурулуп келип, өздөрүнүн айланасына башка адамдарды да топтой башташат. Ошол үчүн коркунуч ар дайым бар.

- Бул жаатта мамлекеттин саясаты кандай болушу керек?

- Биринчиден, терроризмге-экстремизмге каршы күрөшүү боюнча мыйзамдар бар. Бул багытта атайын укук коргоо органдары иш алып барышат. Мамлекет укук коргоо органдарын каржылоо жагын милдеттүү түрдө чечип бериши керек. Экинчиден, бул маселени кенен кароо зарыл. Террористтик-экстремисттик уюмдардын интернет булактары аркылуу маалымат таратып идеологиялык диверсия жасап жаткандыгына каршы күрөшүү иш-аракеттерин көрүү зарыл. Бир жагынан жаштардын Түркия, Пакистан, Египет, Иордания сыяктуу мамлекеттерден окуп, дин жаатынан жана руханий жактан өзүн жакшы жакка өзгөрткөнү жакшы. Ошону менен бирге алардын болуп жаткан окуяларга, дегеле мамлекетке болгон көз карашын, ички туюмун билиш кыйын. Ошондуктан каттоо-көзөмөлдү күчөтүш керек. Болбосо баарын тегиз жакшы деп эч ким кепилдик бере албайт. Террористтик-экстремисттик идеяларга жана алар ар кандай жол менен таратып жаткан маалыматтарына каршы жеке эле укук коргоо органдары эмес, муфтият жана дин боюнча агенттик да түшүндүрүү иштерин жүргүзүүсү кажет. Аны менен бирге жергиликтүү бийлик органдары бул жаатта өздөрүнүн таасирин көрсөтүшү керек. Эгерде мына ушундай биргелешкен иш-аракеттер болсо, кооптуулукту төмөндөтөбүз. Бул мамлекеттин өсүп-өнүгүшүнө да таасирин тийгизет.

Соңку жылдары пандемияга каршы күрөшүү жана өлкөдө болуп жаткан саясий окуяларга байланыштуу бул маселе салкын каралып калды. Бул көйгөйдү дайыма күн тартибиндеги маселе катары карап, оперативдүү, туура иштерди жүргүзүп туруу зарыл.

- Казакстанда бир муштумга түйүлгөн оппозициясы, конкреттүү лидери жоктугу көрүнүп калды. Дегеле оппозициянын жоктугу жана бардыгы өлкөдөгү окуяларга карата таасири канчалык маанилүү?

- Мамлекеттеги оппозициянын бардыгы жана жоктугу орчундуу маселени козгойт. Казакстандын мисалын эле алсак, эгерде бирдиктүү оппозиция болгондо бийлик менен сүйлөшүп, конструктивдүү диалогго келсе балким мынчалык карама-каршылыктарга жана жоготууларга жол берилбес беле. Негизинен конструктивдүү оппозициянын болушу шарт, бирок радикалдуу эмес. Анткени радикалдуу оппозиция болгондо мамлекетте дайыма баш аламандык болуп, эч убакта өнүгүп-өсүү болбойт. Конструктивдүү оппозиция болуп жаткан окуяларга сын-пикирин билдирүү менен бирге көйгөйдөн чыгуунун жол-жобосун айтып чыгат. Бирок, тилекке каршы, мамлекет жетекчилери жана күч органдары конструктивдүү жана радикалдуу оппозициянын айткан сын-пикирин туура эмес кабыл алып, саясий куугунтукка алган учурлар болот. Мамлекет жетекчилеринин айланасындагы адамдар жагдайга туура анализ жасоо менен андан чыгуу жолдорун кошо айта билиши керек. Себеп дегенде президенттерге реалдуу жагдай өз учурунда жетпей калып, болуп бүткөндөн кийин түшүнүп калышат. Жанындагылары кызматынан коркобу же тынчын албайын деп жылмалап коюшат. Антпей так маалыматтарды берген профессионалдуу, таза адамдардан түзүлгөн команда менен иштей турган болсо, көптөгөн маселелерге келгенде туура чечим кабыл алынып, карама-каршылыктарга жол берилбейт. Мына ушундай багытка умтулуш керек. Ошондо гана мамлекет алдыга жыла баштайт.

Жылдыз ДЫЙКАНОВА

■ Басылма баскан узак жол

ЧЫН СӨЗДҮ ТАК АЙТУУДАН ТАЙМАНБАЙБЫЗ!

Кезегинде француз ойчулу де Бональд: «Газеталар менен журналдарда жазылгандардын натыйжасында айрым учурлары мамлекет бетине көв жабылышы мүмкүн, бирок алар эч үн катпай коюшса – мамлекет кыйроого учурашы толук ыктымал» - деп жалпыга маалымдоо каражаттарынын (ЖМК) коомдогу маанисин ачып бергени бар. Албетте, бул – кеп кадырын билген адамдын ыймандай сыры. Ал эми азыр - «Ууру качты карма!» - деп ууру жүрөт кыйкырып» дегендей заман өкүм сүрүүдө...

Айрымдар учурда «Заманаң бөрү болсо – бөрү, түлкү болсо – түлкү бол» ураанын туу тутуу керектигин кобурашат. «Платон менин досум, бирок акыйкат андан өйдө» деп кезегинде байыркы грек философу Сократ айтмакчы, калкка калыс кеп айтуу озуйпасын моюндап, аны кесип кылган биз – журналисттер үчүн, мындай ой-туюму – кайнаса канга кошулбашы керек. Ошондой болсо да, айрыкча «Эгемендүүлүккө ээ болдук!» - деп баш кийимдерибизди асмандата ыргыткан 1991-жылдан кийинки көрүнүш көпчүлүк учурларда: «Пулуң болсо - кулуңмун» мүнөзүнө айланып кеткендиги – ачуу чындык! Ырас, «Кой – аксагы менен миң» демекчи, кесиптештер арасында «самандан» «топонду» ажырата билгендери арбын экендиги аз болсо да, көңүл сооротот. Болбосо, коомубуз эчак эле өңчөй ууру-кескилердин, коррупционерлердин жана алдамчылардын «жайма базарына» айланып кетмек...

Ооба, «Сөздү сөз келгенде айтпаса – сөз атасы өлөт». Ошондуктан, Ак-Суу райондук «Ак-Суу баяны» газетасынын быйылкы алтын күздөгү 90 жашка толгон мааракеси учурунда жогорудагы ой-пикирлер аркылуу жөн гана басылманын коомдогу мекенчилдик туруктуу позициясын билдиргим келет. Анда, кеп өзөгү – газета тууралуу.

Райондук басылмада буга чейин журналисттердин бир нече мууну эмгектенди. Кезегинде газетанын редакторунун орун басары болуп иштеген Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз эл акыны маркум Эргешбай Узакбаевдин маалыматына таянсак, 1931-жылы жаңы уюшулган газетанын редакциясына жардам көрсөтүү үчүн ошол кезде республикадан белгилүү журналист жана жазуучу Саткын Сасыкбаев жиберилип, ал газетанын үзгүлтүксүз чыгарылышын жолго коюп кетиптир.

Кыргыз адабий дүйнөсүндө «аңгеменин атасы» аталган таланттуу жазуучу Аман Саспаев да сексенинчи жылдары райондук газетанын редакциясында котормочу болуп иштеп кеткендиги – биз үчүн сыймык. Бектемир Осмонов, Асангазы Бейшембаев, Токтор Мукеев, Касымаалы Турусбеков, Иленбай Искаков, Көйкөл Айтбаева, Сыдык Исмаилов, Жыргалбек Апазов, Зарыл Касымалиев, Шейшекан Жаналиева, Кусуй Абдракматов, Эсен Садабаев, Гүлжан Жумаева, Петр Кузьмич Рязанцев, Борис Голосков, Геннадий Беспалов, Николай Андреев сыяктуу курч калем ээлери өздөрүнүн чыгармачылык менен изденген иш-аракеттери аркылуу кезегинде райондук газетанын калк арасындагы кадыр-баркын жогорулатууга зор салымдарын кошкон. Тилекке каршы, жогоруда ысымдары аталган адамдардын көпчүлүгү азыр арабызда жок. Бирок, газета тарыхынын саргайыңкы барактарында алардын жаркын элестери түбөлүккө сакталат.

Газета 1931-жылы сентябрь айында алгач «Жаңы айыл» деген аталышта негизделип, кийин «Колхоз Туусу», «Сталин правдасы», «Жеңиш», «Коммунисттик эмгек», «Эмгек Туусу», «Мезгил жарчысы» аталыштары менен чыгып келген. Каражаттын тартыштыгынан улам ортодо дээрлик 10 жылга жакын убакыт газетанын чыгарылышы токтотулуп, 2007-жылы газетанын аталышы «Ак-Суу баяны» деп өзгөртүлүп, бирок саналуу сандары жарык көрүп, каржылык каатчылыкка байланыштуу чыгарылышы кайрадан токтолгон.

Райондук мамлекеттик администрациясынын ошол кездеги башчысы-аким Болот Купешевдин демилгеси жана райондук Кеңештин колдоосу аркылуу газетанын иши 2009-жылдын февраль айынан баштап кайрадан жандандырылган.

Газета буга чейинки улуу муундар эстафетасын татыктуу улантуу максатында учурда мамлекеттик саясатты, райондук бийлик, аймактагы мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан турмушка ашырылып жаткан иш-аракеттерди калк арасына оперативдүү жеткирип, эл турмушун ар тараптуу, калыс чагылдыруу аракетинде. Бул күндөрү райондук газета аймак тургундары арасында өз деңгээлинде таанылууга жетишип, аздыр-көптүр кадыр-баркка ээ.

«Ырдайм» деп келгенден кийин – ырдаш керек» дегендей, редакция чыгармачылык түйшүктүү иш-аракеттердин натыйжасында 2009-жылы Ысык-Көл облусунун 70 жылдык мааракесинин урматына республикалык ЖМКлар арасында облмамадминистрациясы жана «Кумтөр Оперейтинг Компани» тарабынан өткөрүлгөн чыгармачылык конкурса, облустук ички иштер башкармасынын өрөөндөгү ЖМКлар арасындагы чыгармачылык конкурсунда эки ирет (2009-2010-ж.ж.), КР Билим берүү жана илим министрлиги ЮНИСЕФ менен бирге өткөргөн республикалык чыгармачылык конкурста биринчи орундарды татыктуу ээлеп, ар биринде атайын дипломдор, акчалай жана баалуу белектер менен сыйлангандыгын сыймык менен айтууга болот.

Басылмага ээлик кылган раймамадминистрациясынын колдоосу аркылуу редакция учурда интернетти кеңири пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ, ошондой эле газетанын мындан ары да үзгүлтүксүз жана сапаттуу чыгарылышы үчүн туруктуу камкордуктар көрүлүп, аймактагы айыл өкмөттөрү, ишкана, мекеме, уюмдар тарабынан ар тараптуу колдоолор көрсөтүлүүдө. Айтмакчы, жакында эле район жетекчилиги тарабынан басылманын мааракесинин урматына «Canon – 40000D» үлгүсүндөгү кесипкөйлүк фотоаппарат тартууланды. Албетте, мындай кадамдар коомдук идеологиянын маанисин түшүнүп, кеп маанисин кадырлай билген жетекчилерге гана мүнөздүү экендигин турмуш чындыгы тастыктоодо. Анткени, азыркы, XXI кылымда деле айрым жетекчилер: «Каранғы» калкты башкаруу оңой» принцибинен тайбай келишет...

«Ак-Суу баяны» мындай көңүл бурууга, камкордукка жооп иретинде мындан ары да өзүнүн туруктуу позициясынан жанбай, аймак турмушун акыйкат чагылдырып, өз беттерин элдик чыныгы трибунага айланта берет.

Кыскасы, «Айтылбай турган сөз эле, айтылып кетти өзү эле» дегендей, башына «Домокл кылычы» такалса да, «Ак-Суу баяны» өзүнүн жарандык да, кесиптик да туруктуу позициясында туруп, калктын калыс пикирин ишеничтүү тирек кылуу менен чын сөздү туура айтуудан эч тайманбайт!

Эгемберди САДАБАЕВ,
Ысык-Көл облусундагы Ак-Суу райондук «Ак-Суу баяны» газетасынын редактору,
Кыргызстан Журналисттер союзунун мүчөсү

■ Ааламга жол айылдан башталат

Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын-акимдин орун басары Кенжегүл КАРАГУЛОВА:

"БИР АДАМДАН – БИР КИТЕП" ДОЛБООРУ АК-ТАЛААДАН БАШТАЛГАН"

- Кенжегүл Турганалиевна, айтыңызчы, райондун саламаттыкты сактоо жана билим берүү тармагында кандай ийгиликтерге жетише алдыңыздар?

- Өткөн жылы билим берүү тармагыбызда абдан жакшы жетишкендиктер болду. Алсак, Субакожоев атындагы лицейди кошпогондо облустагы райондордун ичинен биринчи орунга чыктык. Себеби, республикалык олимпиадага чыккан 6 окуучубуз болду. Төртөө облустук деңгээлде жеңүүчү аталышты. 10 балабыз олимпиадага барып келишти.

Андан сырткары кызыктыруучу, дем берүүчү иш-чараларды уюштуруп келебиз. Бул аракеттерибизди 2019-жылы баштаганбыз. Ага ылайык райондук деңгээлде "мыкты мекеме", "мыкты айыл өкмөтү", "мыкты мектеп", "мыкты бала бакча" деген сыяктуу номинациялар боюнча жылдын жыйынтыгын чыгарабыз. Акыркы үч жылдан бери билим берүү тармагы экинчи жана биринчи орундарды ээлеп, райондук өтмө кызыл тууну колдон чыгарбай келе жатат. Ошондой эле бир ишкерибиз менен сүйлөшүп, жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгында окуучусу эң жогорку балл алган мектепке сыйлык катары "Жигули" автомашинасын берүүнү макулдашканбыз. Ал Асыл Кожекова жетектеген Атамбеков атындагы орто мектепке ыйгарылды. Ал эми окуучу кызыбыз болсо үч көрсөткүчтөн - олимпиададан да, ЖРТдан да, алтын тамганы алууда да алдыга озуп, бир жылда төрт жерден сыйлык алууга жетишип, ноутбукка ээ болду. Мында мугалим Адисова Нургүлдүн да кошкон салымы бар. Ошондуктан, ишкерибиз олимпиадага даярдаган мугалимге дагы сыйлыгын берди. Биздин өткөн жылдагы эң чоң жетишкендигибиз ушул болду. Бул багыттагы иштерибизди андан ары да улантабыз. Себеби мектепти, окуучуларды кызыктыруу жакшы натыйжаларды бере тургандыгына иш жүзүндө ынанып жатабыз.

Ал эми саламаттык сактоо тармагында эки жылдан бери COVID-19 менен алышып келебиз. Эң орчундуу маселе - эмдөө иштеринин жүрүшү болууда. Бүгүнкү күндө райондун калкынын 60 пайыздан ашыгы эмдөөдөн өтүштү. Бирок, бул иштерде оорчулуктар да болуп жатат. Себеби, айрым адамдар маалымат булактарында жарыяланган терс маалыматтарга аябай ишенип алышууда. Ошого карабастан санэпид, райондук жалпы дарыгерлер практикалык борбору, жергиликтүү бийлик, айыл өкмөттөрүнүн кызматкерлери түшүндүрүү иштерин тынымсыз жүргүзүп жатышат.

- Пенсия, жөлөкпулдар кечиктирилбестен өз убагында берилип жатабы?

- Пенсия, жөлөкпулдар убагында эле таратылып жатат. Райондо 5500дөн ашык пенсионер бар. Ал эми социалдык колдоого муктаж жарандар боюнча айта кетсем, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген 1097 жаран, таптакыр ата-энеси жок томолой жетим 28 бала бар. Пандемия башталгандан бери ишкерлер, сыртта жүргөн биздин колунда бар адамдарыбыз менен сүйлөшүп, прокуратура менен кеңешип, ар бир жетим балага депозиттик эсеп ачып берүүнү сунуш кылганбыз жана алар ачылган. Бүгүнкү күндө ошондой 26 баланын депозиттик эсебине асты 10 миң сомдон, арты 2,5-3 миң сомдон акча которуп келебиз. Алсак, ак-талаалык Асел деген кызыбыз 2 жылдан бери бул депозиттик эсептерге 1,5 миң доллар өлчөмүндө акча которуп келет. Өмүрлүк жолдошу бизнесмен, өзү Бишкекте жашайт. Бул каражаттарды бала 18 жашка чыкканга чейин эч ким ала албайт. Бул камкордук алар эрезеге жеткенде жашоосуна кичине болсо да колдоо болсун деген ниетте жасалып жатат.

Социалдык колдоого муктаждар ар бир айыл өкмөтүнө бекитилген. Аз камсыз болгон 154 үйбүлөгө жардамдар берилип турат. Кайрымдуулук фонддорунан да 150 тонна жардам таратылды. Көмүр менен да камсыздап жатабыз.

Эки жылдан бери пандемияга байланыштуу көчүп келген мигранттар, жумушу жок жүрүп калгандар бар. 1100гө чукул адам - жөлөкпул алуучу өтө жакыр катмарыбыз бар. Ал эми 3383 киши социалдык паспорту бар муктаж адамдарга кирет.

- Электр жарыгы боюнча жеңилдиктерди берип жатпайбы, ошого муктаждардын тизмелери такталдыбы?

- Бизде алардын так тизмеси бар. Ошондой болсо да кайрадан дагы бир ирет тактап чыктык.

- "Бир адамдан - бир китеп" долбоору Ак-Талаадан башталса керек эле...

- "Бир адамдан - бир китеп" долбоорун Ак-Талаа районунун Кош-Дөбө айылынын тургуну иштеп чыгып, республика боюнча эң биринчи ошол айылда башталган. Бардык 13 айыл өкмөттө ушул долбоор ишке ашкан. Ошондон улам китеп фондубуздун абалы жакшы десек болот. Бул демилге бүт өлкөбүзгө жайылган. Былтыркы жылдын жыйынтыгы менен дээрлик бир мектепти куруп салгандагыдай акча каражатына тете суммадагы китеп фонду топтолуп калды. Ал эми басма сөзгө жазылуу боюнча бардык мекеме, ишкана, айыл өкмөттөрдө түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдөбүз. Ачыгын айтсак, жазылуу өнөктүгү кыйыныраак болууда. Бирок, мамлекеттик гезиттерге сөзсүз жазылуу аракеттерин көрүп жатабыз.

- Эми башка маанайдагы суроолорго өтсөк. Балалык чагыңызды көп эстейсизби?

- Ушул гезит-журналдарга жазылуу тууралуу сөз болуп калганда дайыма ата-энем эске түшөт. Биз өзүбүз Тоголок Молдо айылынан болобуз. Атам Карагулов Турганаалы, апам Байтурова Жумакан өмүрүнүн акырына чейин мал менен жүрүштү. Тээ совет мезгилинде малчылардын үйлөрүндө "чабандык бурч" деген болоор эле. Гезит-журналдар жумасына кечикпей жеткирилип, ал жерде алардын толук тиркемелери турчу. Анткени, атам окумал адам болгондуктан алардын ар бир санын толуктап, сактап койчу. Анан бир маалымат керек болуп калганда ошол газетаны таап чыгаар эле. Апам, атам экөө тең ушундай сарамжал болчу. Ошол газета-журналдарды көп окугандыктан алардан таасир, дем-күч алса керек деп ойлойм. Ошондуктанбы, биз 12 бир тууган болсок да бирибизди калтырбай баарыбызды тең окутту. Мен он экинчиси - эң кичүүсүмүн. 12 күндүк каникул убагында бизди чана менен тоонун башына алып кетчү. Анан каникул бүтчү акыркы күн дегенде алып келип, окууну калтырбай окутчу. Бизде тартип ушундай катуу болчу. Болбосо көп эле чабандардын балдар-кыздары окубай деле калган да.

- Кайсы окуу жайды бүттүңүз эле?

- Мен Агрардык академиянын (мурунку Айыл чарба институтунун) экономика факультетин бүткөм. Экономист-бухгалтермин. Кесибим боюнча 12 жыл эмгектендим. Айылдык кеңешти өнүктүрүү кызматынын долбоорунда 11 жыл эмгектендим. Айыл чарба департаментинде 8 жыл башкы адис болуп иштедим. Ошол жерден акимдин орун басары болуп келгениме быйыл төртүнчү жыл болду.

Таалайбек ТЕМИРОВ

■ Жашоонун башаты суу менен

Талас башкы суу чарба башкармалыгынын башчысы Болотбек БАТЫРКУЛОВ:

"СУГАТ ТАРМАГЫ ЭКИ ЧОҢ КАДАМДЫ КҮТҮП КЕЛЕТ"

Акыркы жылдары Таласта сугат сууга болгон тартыштык сезилээрлик байкалууда. Адистер тоодон суунун түшүшү аз болуп жатканын айтып жатышат. Ошондон улам акыркы жылдары сугат сууну пайдалануу тартиби киргизилген. Ага карабай 2-3 жылдан бери айрым жерлерге суу жетпей, дыйкандар жапа чегишти. Учурда облустагы каналдарды оңдоо башкы маселе болуп турат.

- Болотбек Байбачаевич, Таласта 2021-жылы сугат суу тартыштыгы байкалды. Маселе эмнеде болуп жатат?

- Таласта 113 миң 300 га сугат жер бар. Анын тең жарымынан көбүнө төө буурчак айдалган. Дал ошол төө буурчак сугаты башталганда, айрыкча 2-3-суу берүүдө тартыштык байкалат. Ошондуктан жаз чыгаар менен багбанчылыкка сугат сууну баштоону талап кылабыз. Андан кийин эгин талаалар, көп жылдык чөптөр суу ичип жетишүүсү керек. Ал учурларда маселе болбойт. Бирок, жогоруда айткандай төө буурчак маалында жапырт сугатка киргенде суу тартыштык эмне кылсак да болот. Ошондуктан мурабдар ар бир дыйкандын кезегин күн мурунтан түзүп, ошого жараша график менен суу берет. Түнкү сугат болот. Кээ бир дыйкандар сугат сууну ашыгы менен алган учурлар болбой койбойт. Дыйкандардан тартип сактоону талап кылабыз. 2021-жылдын 13-февралында, кийин 3-марттагы отурумдарда «Кыргызгидрометтин» маалыматына таянып, суу тартыштыгы болот деп ошого карата пландарды түзгөнбүз. Маалыматта суунун камсыздыгы 50-60 пайыз деп берилген, бирок иш жүзүндө 47 пайыз гана болуп жатты. Май айларында которуштуруп сугарууну колго алдык. Ошентип, облустагы айрым жерлерде суу тартыштык болсо да жалпы жонунан сугатчылыкты үзгүлтүккө учуратпай абалдан чыктык.

- Таласта акыркы жылдары кокту-колот, жыбыт-жылга, айыл ичинде бош турган жерлер жылчык калбай айыл чарбага өздөштүрүлүп жатат. Сугат суунун тартыштыгын бул жагдай дагы жаратышы мүмкүнбү?

- Ооба, Таласта бакчага айлантып алган жерлер абдан көбөйдү. Мисалы, Кең-Кол өзөндүн ичи. Анда кашары бар малчылар жыл бою олтурат. Алар кашарынын тегерегиндеги бир канча гектар жерлерди өздөштүрүп, ар нерсе айдашат. Бирок, ал жерлер сугат жерлер эмес. Мындай өзөндөр толтура. Тоодон түшкөн сууну биринчи ошолор буруп, айылдарга суу келбей калат. Айыл ичинде, тоо этектеги кашарлардын тегерек четинде да ошондой бош жерди калтырбай өздөштүрүп алышкан. Ал эми Таластагы каналдар мынчалык жерге эсептелинген эмес. Бир каналдын сыйымдуулугу курулуп жатканда 2 миңдей гектарга эсептелинсе, азыр 2 миң гектар эмес, ал каналдын алдында 4 миң же 6 миң гектардан ашкан жер аянты сугат сууну талап кылып турат. Өздөштүрүлгөн жерлерди кайра эсептеп чыгып, паспортизация кылышыбыз керек. Ошого жараша каналдардын мүмкүнчүлүктөрү билинет.

- Кара-Буура, Манас жана Бакай-Ата райондорунда суу жетпей калган жерлер бар. Бир кездеги скважиналарды жандандырса маселе чечилет беле?

- Ооба, андай маселелер кээ бир райондордо бар. Мисалы, ошол эле Аманбаев айылындагы жерлер бардык каналдардын этеги болуп суу жетпей калып жатат. Кээ бир суу жетпей калган жерлер бар. Союз кезинде андай жерлерге жер алдынан бургуланган скважиналар менен суу жеткирилчү. Кийин алардын ичин таш менен толтуруп, бузушкан. Ошол скважиналарды кайра жандандыралы деп жатабыз. Бирок, бургулоочу техникабыз эзели бизде болгон эмес. Жергиликтүү фонддордон каражат табылды. Ушул күндөрү жер алдынан суу бургулоочу машинанын кандай маркасы бизге ылайыктуу деп карап жатабыз. Ал машина келип калса суу жетпеген көйгөйлүү жерлерге скважина менен суу жеткирүү ишин баштайбыз.

- Кыш мезгилине карабай каналдарды тазалоо иши кызуу жүрүүдө. Акча каражаты жетиштүүбү?

- Биздин чарба күн суугуча каналдарды тазалоо, ремонттоо иштерин жасай беребиз. Суук катуулаганда гана бир аз тыным алып, кайра жаз алды менен каналдарга чыгабыз. Себеби, Таластагы каналдардын курулганына алды 80, арты 40 жыл болду. Сел алган учурлар болот. Ошонун баарын тазалап, иреттеп турбасак, жайында суу келгенде көп көйгөйлөр чыгышы мүмкүн. Элдин баары ушул каналдардан келген сууну карап тургандан кийин абалына чоң маани беришибиз керек. Сугатчылык азыр мурдагыдай эмес, биринчиден тоодон түшкөн суу аз, жаратылыш өзгөрдү. Климат өзгөрдү деп дүйнөлүк адистер улам изилдөөлөрүн берип жатпайбы. Мына ошол өзгөрүүлөрдү азыр биринчи кезекте талаадагы дыйкан жон териси менен сезип жатат. А биздин каналдарда суунун жоготуусу 50-60 пайызды түзөт. Ошондуктан бетондолгон каналдарга жетишүүбүз керек. Мамлекеттен бөлүнгөн каражатты ушул каналдарды бетондоого жумшап жатабыз. Мисалы, азыр биз турган Иогеносдорф каналын 2-3 жылдан бери күз маалында бетондоо ишин жасап келе жатабыз. Азыр биз турган аралык 6-чакырымы. Облус жетекчилиги да бул көйгөйдү түшүндү. Жергиликтүү облустук, Талас райондук Өнүктүрүү фонддору бар. "Жер-Үйдөн" соцпакет менен келген каражаттар бул фонддорго түшүп жатат. Ал фонддорго барып биз ушул долбоорлорубузду жактап, алар карап чыгып акча каражат бөлүштү. Ага чейин 9 млн сомдой акча каражатын республикалык бюджеттен алып ушул каналдарды бетондоого жумшап жатканбыз. Ошол жергиликтүү фонддор менен бирге жалпы 67 млн сомдой каражат каналдарды ондоого бөлүнүп жатат. Ал каражаттар облустагы эң көйгөйлүү деген 5 каналга жумшалат. Мисалы, Калба, Бердике айыл аймактарын камсыз кылган Кайырма каналынын этегиндеги ички чарба каналы биринчиден, каналдын этеги, экинчиден, жер кыртышы таштак болгондуктан суу жоготуу 60 пайызды түзөт. Ошол Чолок каналынын 1,7 чакырымы ага кошумча 0,6 км аралыгын бетондоого 10 млн сом каралууда. Жанындагы Коо каналына 10 млн сом каралып жатат. Талас, Беш-Таш, Үрмарал дарыяларынын этеги болгон Шадыкан айыл өкмөтүнүн ички чарба каналдарына 12 млн сом бөлүнөт. Айтор каналдарга берилген каражаттар жалаң гана бетондоого жумшалат. Мунун баары ишке ашып калса 2022-жылы сугат маалында натыйжа билинет. Анткени, чоң каналдардан суу кууп келип, ички чарба каналдарга келгенде жоготуу 60 пайызга чейин болуп жатат. 27-ноябрда Министрлер Кабинетинин Төрагасында болгон кеңешмеде 2022-жылдын сугат иштерине даярдык көрүү тапшырмалары берилип, сугат тармактарын иретке келтирүүгө 500 млн сом каралды. Бул кабарды суу чарба кызматкерлери аябай туура көрүп, эми суу чарба кызматкерлеринин орточо 4 миң сомдон алган эмгек акысынын көбөйүшүнө убакыт жакындап калган экен деп кубанып жатабыз. Биз мына ушул эки кадамды көптөн бери күтүп келдик.

Биздин азыркы күнү суу чарбасына кылган мамилебиз качкан адамды артынан кубалап бара жаткандай көрүнүштө десем болот. Антпей алдынан тосуп кармаш үчүн каналдарды бетондоп, өзөндөргө декадалык көлмөлөрдү курушубуз зарыл.

Салика АБДИЕВА,
«Эркин-Тоо»

■ Жаздын камын кышта көр

ДАЯРДЫК КЫЗУУ ЖҮРҮҮДӨ

Быйылкы 2022-жылдагы жазгы талаа жумуштарын жүргүзүүгө Министрлер Кабинети күз айларында эле кам көрүп, 2021-жылдын октябрь айында айрыкча өлкөдөгү ирригациялык тутумдарды калыбына келтирүү иштери башталган. Андан тышкары жергиликтүү бийликке дыйканчылык, мал чарбачылык иштерин илгерилетүү, колдонулбаган жер аянттарын пайдалануу, үрөн сапатын жакшыртуу боюнча бир топ тапшырмалар берилген.

ТАЗАЛАНА ЭЛЕК КАНАЛДАР ТАЗАЛАНУУДА

2021-жылы өлкөдө сугат суусунун тартыштыгы жаралган. Ушундан улам Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров ирригациялык тармактарды ишке киргизүү ушул жылдын 8-мартына чейин аякташы керек деген талапты койгон. Ошондуктан ирригациялык курулмаларды тазалоо иштери 2021-жылдын октябрь айларында эле башталып, анын натыйжасында Чүй облусунун Жаңы-Жер айыл аймагындагы Ат-Башы каналы акыркы 20 жылдан бери биринчи жолу камыштардан тазаланды. Азыркы учурда бардык аймактарда 2022-жылдын сугат мезгилине даярдык кызуу жүрүүдө.

Суу чарба мамлекеттик агенттигинин директору Алмаз Сокеев ММКнын өкүлдөрүнө берген маегинде 2022-жыл ирригация тармагын колдоо боюнча өзгөчө жыл болорун баса белгиледи. Анын айтымында бул тармакка буга чейин жылына 160 миллион сомдун тегерегинде акча бөлүнүп келсе, 2022-жылга андан 6 эсе көп каражат каралууда.

Ушул күндөрдө Баткен, Ош, Жалал-Абад, Талас облустарында каналдар атайын техникалар менен эс алуу күндөрүнө карабай тазаланып, өлкө боюнча 7000ден ашык ирригациялык курулмалар, арыктар тазаланып, оңдоп-түзөлүүдө.

ЗАВОД АЧУУ ПЛАНЫ БАР

Кыргыз Республикасында 2022-жылы тамчылатып сугаруу жабдууларын чыгаруучу заводду ачуу пландалып жатат. Бул тууралуу айыл чарба министри Аскарбек Жаныбеков билдирди. Анын айтымында, өлкөнүн бардык облустарында тамчылатып сугаруу ыкмасы күндөн-күнгө кулачын жайып барат. Тамчылатып сугаруу шаймандарына да суроо-талап күчөгөндүктөн, инвесторлорду тартуу менен завод курабыз деген ниетте турабыз.

"АЙЫЛ ЧАРБАСЫН КАРЖЫЛОО – 10" ДОЛБООРУ

2022-жылы айыл чарбасынын жазгы талаа жумуштарын өз убагында жүргүзүү үчүн "Айыл чарбасын каржылоо – 10" долбоору ишке киргизилди. Долбоордун максаты – 2022-жылы айыл чарбасынын жазгы талаа жумуштарын өз убагында жүргүзүү үчүн жеңилдетилген кредиттик каражаттар менен камсыздоо аркылуу мамлекеттик колдоо көрсөтүү болуп саналат. Долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү – 60 ай болуп эсептелет.

КЛАССТЕРДИК ЫКМА

Быйыл Айыл чарба министрлиги тармакты класстердик ыкма менен иштетүүгө басым жасайт.

Класстердик ыкма бул жалпы талаачылыктан тарта акыркы этап болгон кардарга чейинки комплекстик иш-чара. Башкача айтканда, мал чарбачылыктан баштап айыл чарба багытында өндүрүлгөн азыктарды дүкөнгө чейин жеткирүүгө жардам берүү механизмдерин ишке ашыруу болуп саналат. Аталган ыкманы ишке ашырууга быйыл 9 миллиард сом каражат каралууда.

АЗ ӨНДҮРҮМДҮҮ ЖЕРЛЕРДИ ӨЗДӨШТҮРҮҮ

Өткөн жылдын күз айларында Ноокен районуна караштуу Достук айыл өкмөтүндө 300 гектар аянтка бак тигүү иштери башталган. Бүгүнкү күндө жергиликтүү коомчулук жана айыл өкмөтү тарабынан 133 гектарга алча көчөттөрү отургузулуп бүтүп, калган 167 га быйыл жазда көчөт отургузуу иштери улантылат. Бул иш-чара Токой чарба мамлекеттик агенттиги тарабынан ТЭИБ (Токой экосистемаларын интеграциялап башкаруу) долбоорунун колдоосунда пилоттук айыл өкмөттөрдүн аймагында жайгашкан деградацияланган токойлорду калыбына келтирүү максатында жүргүзүлүүдө.

Бак отургузуу иштерин жүргүзүү үчүн Достук айыл өкмөтүнө 25 512 түп алча көчөттөрү өткөрүлүп берилген. Сугат суу менен камсыз кылуу жана кунарсыз муниципалдык участокторун өнүктүрүү максатында 5 чакан суу сактагыч курулуп, анын ичинен көлөмү 400 м³ болгон 1 суу сактагыч, ар бири 100 м³ суу бата турган 3 суу сактагыч курулган, диаметри 160 мм болгон өткөрүүчү түтүктөр, диаметри 110 мм болгон 1,5 километрден ашык өткөрүүчү түтүктөр 3 чакырымга жакын жерге төшөлүп, орнотулду.

МАЛДЫ ДА ЛИЗИНГГЕ АЛГЫЛА

Дыйкан-фермерлерге 2022-жылы лизингге бериле турган каражат көбөйтүлдү. Бул туурасында айыл чарба министри Аскарбек Жаныбеков "Биринчи радионун" эфиринде билдирди. Министр андан тышкары малдын асылдуулугун арттыруу максатында чет өлкөдөн мал алып келип, фермерлерге лизингге берүү планы ишке аша тургандыгын белгиледи.

ҮРӨНДҮ ЖАКШЫРТУУ

2022-жылга Кыргыз Республикасындагы үрөндүк фондду жаңыртуу үчүн 1 миллиард каражат бөлүндү. Бул каражатка дүйнөдөгү өсүмдүк өстүрүүчүлүк селекциянын эң алдыңкы делген сортторун алып келүүгө шарт түзөт. Мындай шартта дыйкандар 2024-жылга чейин үрөндүн сапатын 100 пайыз мыктылап алганга мүмкүнчүлүк алышат.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

Төлөгөн Касымбековдун эл билбеген окуялары

УЛУУ ЗАЛКАРДЫН ТАГДЫРЫНДАГЫ КӨЗ ИРМЕМДЕР

Кыргыз Республикасынын Баатыры, Кыргыз эл жазуучусу Төлөгөн Касымбековдун көзү тирүү болгондо 2021-жылдын 15-январында 90 жашка чыкмак. Арман дүйнө, кыргыз элине бир келген сөз кереметинин, кудуретинин нукура сүрөткери, акылдын уюткусу, жан дүйнөңдү түйшөлтүп ата салт, нарк-насилдин, үрп-адаттын уңгусун, туундусун туюндурган асыл, ыйык залкардай көсөм инсанды Теңирим кыргыз элине ыроолор бекен деген тилекте агамдын көпчүлүк эл биле бербеген тагдыр жолу тууралуу айтып берүүнү ылайык көрүп отурам.

ЖАЗУУЧУНУН ЖАРЫК ДҮЙНӨГӨ КЕЛИШИ

Атасы Касымбек абабыз (Аксы районунун) Ак-Жол айылыбыздын билимдүү адамы болуп, жаштайынан молдо бала аталып, Аксы өрөөнүндө "кара чаар болуш" атыккан Осмонбек болуштун катчысы болгон. Чукугандай сөз тапкан, кылычтан кайра тартпаган, жамактап ырдаган, укурук моюн, узун акыл адам болгон экен.

Абабыздын эл бийлегендер, кээ бир адамдар туурасында ырдаган ырлары, айтылып калган лакап сөздөрү ушул күнгө чейин калайык-калктын эсинде. Жаштайынан жан шерик болгон чаптык кызы Калбү апа (кызыл-жарлыктарды чаптыктар дешкен) менен көп жыл өмүр шерик болушуп перзенттери токтоботур. Абабыз 59 жаш кураккa келгенде өмүр өтүп баратканын баамдаган зээндүү, акылдуу энебиз өзү кеңеш берип, сиңдисиндей имерген тегенелик 20 жаштагы Анар апаны атына учкаштырып ала качып келип, никесин кыйдырып, тоюн өткөрүп баш коштурган экен. Күндөштүк кылып күйүкпөй, Анар апаны бөпөлөп асырайт. Жыл айланып Анар апанын боюна бүтүп, уул төрөйт. Түлө өткөрүшүп, азан чакыртып атын Кудайберген коюшат. Чаптык кемпир өз баласындай асырап "Жараткан Эгем бизге төлөдү, өлгөн балдарымдын ордуна тиленгенимди берди" деп жүрүп Кудайберген аты унутулуп, эл арасында Тилеген, Төлөгөн атыгып, кийинчерээк паспорт алганда Касымбеков Төлөгөн деп жазылып, өмүр өтөлгөсү болуп калыптыр. Төлөгөн агабыз эс тарткандан баштап эле өнөргө шыктуу, сөзгө ыктуу болуп, залкар комузчу, ырчы Ныязаалы абасынын жанында жүрүп (кошуна жашашкан) күү пирине келген далай залкарларды жашында көрүп, комуз күүлөрүн, ырларын угуп, сөздөрүнө кулак түрүп угуп калганы чыгармачылык өмүрүнө гүл азык болгон.

Касымбек абабыздан теңтуштары: - Ой Касымбек, качан өлөсүң, - дешсе, молдо адам: - Кыямат кайында өлөм,- деп койчу экен. Кудай Таалам тилегин бергенби, 1946-жылкы катуу жер титирөөдө тамдын дубалы кулап үстүнө түшүп, жан таслим болгон экен. Төлөгөн агабыз Сыны айылындагы Алишер Молдокеев салдырган орто мектебин бүтүрүп, Ак-Жол айылындагы айылдык кеңеште бир жыл катчы болуп иштеп, гүл азыгын эки апасы даярдап Таш-Көмүр шаарынан товар ташыган поездге салып, Фрунзе шаарына окууга жөнөтөт. Бөтөн эл, тааныш эмес шаарда туугансынып Фрунзе шаардык милициясынын башчысы Осмонбек болуштун уулу Жусупка кирсе жакшы кабыл албай, атасына өмүр бою катчы болгон адамдын баласын: - Аа, Касымбек куу шыйрактын баласысыңбы?- деп мазактап окууга келдиңби, куу шыйрактан ким чыгат эле?- деп шылдыңдап бийлигине, байлыгына манчыркап чакчарылганда зээндүү, зарделүү өспүрүм: -Сенден келген жакшылыкты кудайдан тиледим,- деп дили сынып чыгып кеткен экен. Ошондон кийин тамашалап койсом таарынып калдыбы?- деп, адам жиберип чакыртса да кайрылып басып барбаптыр.

КОММУНИСТТИК ИДЕОЛОГИЯГА КАРШЫ КЕЛГЕН КӨЗ КАРАШ

Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетине тапшырып өтүп 21 жашында "Кичинекей жылкычы" деген алгачкы чыгармасы "Советтик Кыргызстан" журналына ("Ала-Тоо" журналы) басылып чыгып, адабият майданындагы чыйыры башталат. Төлөгөн агабызды дүйнө элине тааныткан (80ден ашык тилге которулган) чыгармасы "Сынган кылыч" тарыхый романы 1966-жылы, экинчи жолу 1971-жылы жарык көрдү. Советтик, комунисттик идеологияга каршы чыкты, эл арасына жик салды, улуттар арасындагы кастыкка жол ачты дешип, кыргыздын коммунист идеологдору, адабий сынчы "көсөмдөр", бийлик төбөлдөрү тарыхый романды төө бастыга алышып, өзүн куугунтукташты. "Ала-Тоо" журналынын башкы редакторлугу кызматынан кетиришет. Кызматы, иштеп тапкан айлыгы жок жазуучуну Кыргызстан жазуучулар союзунун партиялык чогулушунун күн тартибинде карашып, парт взносту төлөбөдү, партиянын катарынан чыгаруу керек деген талкууда Кыргыз эл акыны Аалы Токомбаев: "Ай балдар койгула, кыргыздын бир залкарын садагага чаппагыла. Төлөгөндөй жазган романист арааңарда жок. Жумушу жок болсо, жаш бойго жете элек беш уул, бир кызы, жары менен дубанадай тентишип жүрүшсө, бул кылганыңар туура болбой калат", -деп сактап калыптыр. Чогулуштан чыккандан кийин улуу акын Төкөмдү үйүнө ээрчитип барып Тарас баласына бокчодогу акчасынан алдырып, ошол мезгилдеги 5 (беш) миң рубль (бир автомашинанын акчасы) акча берип: "Төлөгөн муюба, чыныгы таланттарды көрө албагандар көп болот. Бул сага менин жардамым, качан мүмкүнчүлүгүң болгондо берерсиң, болбосо кечтим, балдарыңды бак, багың ачылып кетер!" - деп батасын берип үйүнөн узаткан экен. Куугунтуктагы агабыз, биз мектепте окуп жүргөндө айылга келип жашап жүрдү. Тамынын астында бир түп арчасы болор эле, ошонун көлөкөсүндө машинкасын чыкылдатып жазып олтурганын аңыз кылып карап жүрөр элек. Чотур деген таякем курдашы эле. Дайыма бирге жүрүшчү, биздин үйгө көп келишет болчу. Атамдан (сөзмөр, чечен эле) өткөн тарых тууралуу сурашып, аңгемелешип, керектүү жерин Төкөм жазып алып, чоң бактын ичинде айылдагы аксакалдарды топтоп алышып олтурушчу. Апамды Айша апа дешер эле. Апам инилерим келди деп, баккан коюнан бирди тартырып сойдуруп, бозо сүзүп берип, тумшугун жылытып, түйүнчөк түйүп балдарына алып бар деп узаткан күндөрү көп болду. Кыз кишинин туугандарына күйүмдүү болорун апам аркылуу туюп билгенмин. Кетментөбөлүк Алтымыш деген комузчу ала-букалык Калмурат Рыскулов деген журналист достору келип айылда дуулдап, комуз чертишип, ыр ырдашып, аксакалдар менен маслеттешип бозо уулап ичишип жүрүшөр эле. Ошол жылдардын күз айларында Чотур таякем бизге окшогон жаш балдарды топтоп алып айылдагы туугандардын алмасын жашикке тергизип жыйнап, бул жазуучу агаңарга кылган жардамыңар деп алкаган. Көрсө, жону жука туугандарыбыз: "Төлөгөн, жардамыбыз ушул, сатып акча кылып ал дешип",- алмасын беришкен тура. Ушул жерде айта кете турган бир окуя бар. Төкөм кыйналып жүргөндө жакын жолдошу Нарын областындагы Тянь-Шань районунун (азыркы Нарын району) коммунисттик партиясынын биринчи катчысы Арзимбек Өсөров (Ноокен районунан болгон) шаардан жолугуп калып, Тянь-Шанга алып кетип көңүлүн көтөрүп жүрөт.

МАТЕН СЫДЫКОВ КОЛ СУНГАНДА

Ошол мезгилде жердеш агасы белгилүү советтик, партиялык кызматкер, Кыргызстан КП БКнын Нарын обком партиясынын биринчи катчысы Матен Сыдыковго учураштырганы алып барыптыр. Кыраакы инсан дил маек куруп олтуруп Төкөмдүн көп жылдан бери кызматсыз жүргөнүн, жүдөп калганын байкап, облустук керек-жарак коомунун төрагасын чакыртып, жазуучу менен тааныштырып, сүйлөшүп олтуруп, төрага мен турайын дегенде Матекем узатымыш болуп чыгып: "Бою башын, келбетин кара, баары менден болот, - деп коёт экен. Зирек төрага, түшүндүм деп кете беріптир. Туугандар боор батыруша сүйлөшүшүп, эки күндөй Матен акенин жары Алийма апанын чайын ичишип чер жазышат. Төкөм кайтарда областтык керек-жарак коомунун төрагасы кышкы, жайкы кылып эки сыйра кийим даярдап бериптир. Тыйындан Матен агасы менен курдашы Арзимбек жардамдашып, атайын машина буйрутма кылышып узатышыптыр. Кийин Матен агабыз Кыргызстан КП БКнын бир чогулушуна Фрунзе шаарына барып катышып, биринчи катчы Т.У.Усубалиевдин кабыл алуусунда болуп, жазуучу Төлөгөн Касымбековдун тагдырын, кыргыздын бир залкар жазуучусу кор болуп жүргөнүн айтыптыр. Турдакун Усубалиевич идеология боюнча Кыргызстан КП БКнын катчысы А.Карыпкуловду чакырып, Төлөгөн Касымбековдун кайда экенин, кайсы кызматта жүргөнүн сурайт. Карыпкулов так жооп бере албай мукактанып калат экен. Ошондо Турдакун Усубалиевич партиялык катуу тапшырма берип, жеке көзөмөлгө аларын билдирип чыгарыптыр. Бул сөз Матен Сыдыковдон чыкканын билип, Т.Усубалиевдин кабылдамасында анын чыгышын күтөт, чыкканда Карыпкулов:

- Матен Сыдыкович, Төлөгөн Касымбековдун маселесин мага эле айтсаңыз болмок, чечип коёт элек дегенде:

- Төлөгөн көптүн бири эмес, кыргыздын бир кырааны. Тарыхты жаратаар, тарыхты калтырар залкар жазуучу. Сөздүн түбөлүктүү экендигин унутпа. Ушунча жылдан бери кайда экенин, эмне иш кылып жүргөнүн билбеген эмне деген катчысың?- деп кагып коюп чыгып кетиптир. Ошол окуядан кийин, А.Карыпкулов Төкөмдү Буткүл союздук автордук укукту коргоо агенттигинин Кыргызстандагы бөлүмүнүн жетекчиси кызматына дайындаган тура.

МОСКВАДАГЫ ЖОЛУГУШУУ

Тагдырдын буйругу экен, бир мамлекеттик мекемеде жетекчи болуп турганымда 2007-жылы оппозициядагы "Асаба" саясий партиясынан ЖКнын депутаттыгына талапкер болуп катталгандан кийин куру дооматка кабылып, кунсуз доого жыгылып, көрө албастардын каарына калып, адилетсиз бийликтин куугунтугуна кабылып, иштөө мөөнөтү алда качан бүткөн, тетиктери талкаланып иштен чыккан, акт түзүлүп чыгышталган 45 миң рублдик аппараттын (кыргыз сомунун курсуна айландырганда 900 сом) айынан тергөө жүрүп бардык документтерди көрсөтсөм прокурор "жер которуп кетип турчу, бул бийликтин келечеги жок, кийинчерээк келесиң" деген кеңешин берди. Шайлоо мыйзамы боюнча кызмат ордума кайрадан барышым керек эле. Бийликтин токмогу аны да жасатпады. Айласыз прокурордун тили менен бир боор эне Россия деп кирип кеттим. Кесибиме байланыштуу Москва шаарында "Кыргыз-Инфо" коомдук-саясий гезитин ачып, кыргыздын мыкты уул-кыздары менен иштешип калгам. 2008-жылдын 23-декабрында Бишкек шаарындагы бир тууган агам Артыкбай телефон чалып, "Төлөгөн аганг Москва шаарында Чыңгыз Айтматовдун 80 жылдыгына карата өткөрүлүүчү эл аралык масштабдагы илимий-практикалык конференцияга катышканы баратат, эртең тосуп ал"- деп калды. Кыргыз мамлекетинин атынан өкүл болуп келе жатса, протоколдук режим менен жүрөрү анык. Самолёттун Шереметьево аэропортуна канчада келерин, кыргыз элчилигинин кеңсесинде канчада болорун тактап алып, күтүп жаттым. Суук, түкүргөн түкүрүгүң тоңуп түшкөн учур. Келер убактысынан бир саат өтүп кетти, тынчсызданып күтүп жаткам. Элчиликтин имаратынын астына катардагы такси келип токтоп, ичинен Төкөм, аялы Элмира, тутунган кызы, алты жашар уулу Асылбек түшүп калды. Учурашканда эле жеңебиз каарып кирди:

- Кыргыз Республикасынын Баатыры, Кыргыз эл жазуучусу келсе, тосуп албаган силер кимсиңер,- деп калды. Мен:

- Ой жеңе, сиздерди тосуп алчулар кыргыз элчилиги, мен туугандык милдетимди аткарып тосуп турам,- десем, элчини чакыр дейт. Түнкү саат 20.00дөн өтүп калган, кайдагы элчи. Дасторкондуу экен, чемодандан көп нерсе жок. Тегеренип жүргөн кыргыз балдарга жардамдашып койгула, жазуучу Төлөгөн абаңарга десем учурашканына курсант болушуп атайын даярдалган бөлмөгө ташып киришти. Дасторкон жайылып, элчиликтин имаратындагы ресторандын кызматкерлери тейлешип чуркап жүрүшөт. Мөмө-жемиштен баштап, улуттук спирттик ичимдиктер, казы-карта, чучук. Элчиликтеги жооптуу Анара дегенге телефон чалып:

(Уландысы бар)

Ооганбек СТАНБЕКОВ,
жазуучу-драматург

Айылдын ак таңдары

БИР ЫПТАСЫН ТОО, БИР ЫПТАСЫН ШААР БАСКАН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Кара-Суу районундагы Катта-Талдык айыл өкмөтү союз кезинде Катта-Талдык асыл тукум мал чарба совхозу деп аталып эт, жүн багытындагы меринос койлорду багуу менен бүт союзга аты чыккан алдыңкы чарба болгон. Союз тарагандан кийин ал койлор да, койлордун коргону да таланып-тонолуп жок болду. Бул айыл өкмөтү Ош-Памир трассасынын жээгинде, шаардан болгону 12 чакырым аралыкта жайгашкан. Даңазалуу Курманжан Датка энебиздин бир өргөөсү да убагында ушул аймакта болгон. Эгемендик жылдарында базар мамилесинин чапкынына туш болгон бул чарба кантип жашап кетти, азыркы ал-абалы, элдин күнүмдүк жашоосу тууралуу билүү үчүн Катта-Талдык айыл өкмөтүнүн башчысы Кантөрө Жантөрөевди кепке тарттык.

- Кантөрө Жантөрөевич, Катта-Талдык айыл өкмөтүндө канча айыл, канча кожолук бар?

- Биздин айыл өкмөттө 10 айыл бар, 18 миң 105 адам жашайт. Сегиз айылда жалпы билим берүүчү орто мектеп, эки айылда башталгыч мектеп бар. Үч айылда медициналык бейтапканалар, беш айылда алгачкы жардам көрсөтүүчү дарыгерлер тобу иштейт.

- Айылдарда, бала бакча, жол сыяктуу маселелер кандай чечилип жатат?

- Беш айылда бала бакчалар иштейт. Айылдардын инфраструктурасын жакшыртуу боюнча да бир топ иштер жасалып жатат. Быйылкы жылы Ош – Эркечтам багытындагы төрт жарым чакырым жолго жол чырактарды коюу иштери жүргүзүлөт. Алгач Баш-Булак айылына да үч чакырым жолго жарыктандыруу иштери жүргүзүлгөн. Айылдардын ички көчөлөрүн жарыктандыруу да колго алынды. Мисалы, Баш-Булак айылындагы Токтогул, Жаңы-Турмуш, Манас айылдарындагы жаңы көчөлөрдүн баарына жол чырактар коюлду. Андан тышкары мектептердин материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн бир топ каражат жергиликтүү бюджеттен каралып, электр жарыгы менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу, акыр-чикирлерин чыгаруу сыяктуу иштер да жүрүп жатат. Ал эми мектептерден Садирбай айылындагы Жылуу-Суу мектебин ысык тамакка өткөрдүк. Андан мурда Кызыл-Ордо айылындагы Орто-Мечит мектеби өткөн. Эми дагы эки мектепти өткөрөлү деп пландап жатабыз. Ал үчүн ошол мектептердеги ашканаларды өндоп-түзөө иштерин жүргүзөбүз. Ачы айылында "Көгүлтүр асман" деген бала бакчабыз бар, дээрлик эки тайпасында тең эмеректери жаңыланып берилди. Былтыркы жылы Баш-Булак айылында 6 гектар жерге бүтүндөй Түштүк аймагындагы чоң инфекциялык оорукана курулуп, пайдалануу берилди. Азыр элдер Баткен, Жалал-Абад облустарынан бери келип, дарыланып жатышат.

- Элди иче турган таза суу менен камсыз кылуу маселеси кандай чечилип жатат?

- Талдык айылында төрт жарым чакырым аралыкка суу куурларын коюп, элди иче турган таза суу менен камсыз кылганбыз. Ал суу булактын көзүнөн алынып, мындан 2 ай мурда эле пайдалануу берилди. Ал эми 2022-жылы Талдык айылындагы Ивановка конушун таза суу менен камсыз кылуу үчүн төрт жарым чакырым аралыкка суу жеткирүүнү пландаганбыз. Өткөн жылы жергиликтүү бюджеттин эсебинен Ачы, Баш-Булак айылдарында таза суу пайдалануу берилди. Ал эми тоолуу Кара-Сөгөт айылына 16 чакырым жерге таза суу тартылып келинди. Айрым бир айылдардын кыска, чолок көчөлөрүндө суу чыкпайт, аларга да быйылкы жылы суу чыгарып беребиз.

- Ачы айылында жашаган адамдарга жер тилкесин берүү маселеси интернеттерге, сайттарга чейин чыгып, бир топ ызы-чуу жаратканын билем. Ал меселе кандай чечилип жатат?

- Ал жер тилкелери 2006-жылы чийилип, документтери даярдалган экен. Ошол кездеги айыл өкмөт башчысы жасаган. Мыйзам боюнча жер тилкеси Түштүк каналдан 20 метр алыстыкта жайгашыш керек. Ал долбоордо сакталган. Бирок, азыркы талап боюнча 40 метр болуш керек экен. Бул өзү атайын бетон менен тосулуп колго жасалган канал. Ошол үчүн аралыгы 40 метр болуш керек. Азыр эми ошол алгач түзүлгөн боюнча эле калды.

- Кара-Суу району калк эң жыш жайгашкан район. Элдин саны да жыл өткөн сайын өсүп жатат. Дегеле тургундарды жер тилкеси менен камсыз кылуу иштери кандай жүрүүдө?

- Трансформациядан өткөрүү үчүн 78 гектар жерди сунуш кылганбыз. Беш жыл артынан жүгүрүп жүрүп, өткөн жылы 45 гектар жерге чечим чыгарып беришкен. Анын беш гектар жерине, Эшме айылында жетим-жесирлерге деп 156 кожолукка арабдар үй салып жатат. Бардыгы болуп 36 үй курулат. Азыр үйлөрдүн пайдубалдары куюлуп, дубалы тургузулуп, бир-эки үйдүн чатыры да жабылып бүттү. Ошол эле инвесторлор Эшме айылында 240 орундуу мектептин курулушун башташкан. Турак жай салганга келгенде өтө чоң түйшүк бар. Бир жарым миңге жакын адам кезекте турат. Ал эми жанагы трансформация болгон 39 гектар жерди бөлүштүрсөк 600гө жакын кожолук жер тилкелери менен камсыз болот экен. Калганы да кезек күтүп турушат. Ошол үчүн калган 38 гектар жерди да трансформация жасап бергиле деп кайрылып жатабыз. Жер маселеси оң чечилип калса кезекте 10-15 жылдап турган адамдардын негизги талабы орундалат.

- Катта-Талдык айыл өкмөтүндө канча гектар айдоо, кайракы жерлер бар?

- Бизде жалпысынан 26 миң 396 гектар жер аянты бар. Анын 16 миң 316 гектары жайыт, үч жарым миң гектары кайрак, 380-400 гектардай чөп чаба турган жер, болгону 182 гектар суулуу жерибиз, ал эми кайра бөлүштүрүү фондунда 52 гектар гана айдоо жерибиз бар. Суулуу жер тартыш болгондугуна байланыштуу көйгөйүбүз да көп. Райондогу суулуу жери жок катары саналган айыл өкмөттөрүнүн катарына киребиз. Бизде жайыт, анан чөп чаба турган жерлерибиз көп. Ошол жерлерге ачык аукцион уюштурсак жергиликтүү бюджетке түшө турган төлөмдөрүбүз да көбөйүп жатат.

- Айыл өкмөттүн бир жылдык бюджети канча? Ал акча айыл элинин көйгөйлөрүн чечүүгө жетеби?

- Жалпы бюджетибиз 26 миллион сом, анын 3 миллион 600 миңи атайын эсепте (спецучёт) деп коет, а нак өзү 22 миллиондун тегерегиндеги бюджет бекитилет. Анын 7 миллионго жакыны жергиликтүү бюджеттен түшөт. 12 миллиону республикалык бюджеттен келет. Патенттен 4 миллион сом түшөт, ошентип 22 жарым миллион деп бюджетибизди бекиткенбиз.

- Демек сиздерде мал чарбасы жакшы өнүккөн экен. Анда айыл өкмөтүндө этти, сүттү кайра иштете турган чакан ишканаларды салуу планда барбы?

- Бизде трансформация болгон 6 гектар жерибиз бар, ошол жерге логистикалык борбор салалы дегенбиз. Бирок, инвесторлор жакшы келбей жатат. Аларга шаарга жакын жер керек экен. Баш-Булак айылына жакын жерде төрт гектар жерибиз бар, ал жерге өнөр жай багытындагы этти кайра иштетүүчү ишкана куралы деп турабыз. Бул багытта вице-премьер-министр Арзыбек Кожошев менен да сүйлөштүк. Жогорку Кенештин эки-үч депутаты да киришип иштеп жатат. Жерин трансформацияга даярдап бердик. Быйыл чечилип калса жакшы болот эле. Кызыл-Ордо айылында мраморду кайра иштетүүчү ишкана ачалы деп жатабыз. Эки гектар жерге жайланышат, азыр керектүү иш кагаздарын бүтүрүү ишаракеттери жүрүүдө. Ошондой эле 10 гектар жерге ташты майдалоочу ишкананын курулушун да пландаштарып койдук.

- Мрамор таш сиздердин айыл өкмөттүн аймагында барбы?

- Ооба. Чыйырчыкта бар. Ал өзү биздин айыл өкмөттүн аймагында турат. Бирок, айрымдар бул Алай районуна карайт деп, талашка түшүп жатат. Ким иштетсе да элге пайдасы тийсе болгону. Азыр чалгындоо иштери жүрүп жатат.

- Башка кен байлыктар барбы?

- Жок. Болгону эл ичинде айтылып жүргөн "ак койлордун" фермасы бар. Бул митис койлор Катта-Талдык совхоз болуп турган учурдан бери багылып келет. Союз кулаганда жоголуп кеткен эле, азыр акырындап калыбына келип жатат. Анан да технопарк куралы деп аракет кылып жатабыз. Инвесторлорго бардык шартты түзүп беребиз деп милдеттенме алганбыз. Эгер ал курулуп калса эркин экономикалык аймак сыяктуу ишкана болуп калат.

- Ош шаары кеңейип, сиздер жакка жылып келе жатат. Оштон түз маршруттук каттамдар жүрүп калыптыр. Ошол үчүн инвесторлор эч ойлонбой келе берсе болчудай. Өзүңүздөр да эл аралык уюмдарга долбоорлорду жазып, аракет кылып жатасыздарбы?

- Колдон келген, мүмкүнчүлүк жеткен жерге чейин аракет кылып жатабыз. Ошол үчүн арабдар келип бей-бечараларга үй салып берүүдө. Башка бир инвесторлор Тогуз-Булак деген айылыбызга медициналык бейтапкана салганы жатышат. Бирок, республикалык бюджеттен да жардам алышыбыз керек. Кара-Сөгөт айылындагы мектеп шарты катаал жерде жайгашкан, эски. Ал электр энергиясы менен жылый турган. Азыр электрдин кубаттуулугуна чектөө киргизилгенден бери мектепти жылытыш кыйын болуп калды. Ошол үчүн көмүргө өткөрсөкпү деген чечимге келдик. Электр энергиясы менен жылытылган эки-үч эле мектеп калды. Буюрса, бардыгын көмүргө өткөрөбүз.

- Жыл сайын жаз айларында жер көчкү жүрөт. Сиздердин айыл өкмөттө ошондой кооптуу жерде жайгашкан айылдар барбы? Эгер бар болсо аларды башка жакка көчүрүү маселеси кандай чечилип жатат?

- Кооптуу аймакта жайгашкан Кара-Сөгөт деген айылыбыз бар. Аларды көчүрүп келгенбиз. Бирок, бир тобу дале болсо кетпейм деп көшөрүп жашап жатат. Өтө кооптуу деп табылган 7 үй-бүлө бар. Алар коктудан түшкөн селдин оозунда жайгашкан. Быйыл жазда аларды сөзсүз көчүрөбүз.

- Айыл өкмөтүндө дагы кандай көйгөйлөр бар?

- Президент да элге кызмат көрсөтүүнүн жөнөкөй, жеңил жолун тапкыла деп айтып жатат. Бизде эки-үч жыл мурда "Таза коом" деген ишкана ачылып, паспорт алчулардын баарын жеринде тейлеп, кызмат көрсөтө баштаган. Аппараттары турат, штат жок деп ошону районго алып кетип калышты. Эл убактысын, акчасын коротуп, паспорт алыш үчүн Кара-Сууга барууга аргасыз болууда. Ал жерге барса узун кезек. Жетсе жетип, жетпесе убара болуп кайра келет. Адамдардын өлгөндүгү тууралуу справканы алыш үчүн да ЗАГСка барууга туура келет. Ал жерде тим эле төө басты болуп кезек күткөн адамдар. Ошондуктан элди кыйнабай паспорт столду баштагыдай эле айыл өкмөттүн аймагына калтырып койсо, өтө жакшы болмок. Бул иштерди эзелтен айыл өкмөттүн катчысы аткарып келген. Азыр эми 400 миңден ашуун эли бар Кара-Сууга жалгыз бир ЗАГС кантип үлгүрүп кызмат кылат. Ошол үчүн ал кызматтардын баарын айыл өкмөтүнө кайтарып алып келиш керек. Мисалы, Талдык айылынын жашоочулары Кара-Сууга барып келиш үчүн 200 чакырым жол жүрүш керек болот. "Таза коомдун" аппараттары азыр деле бизде турат, штат берип эле кызматкерин олтургузуп койсо болду, иш уланып кетет. Анан "Санарип аймакка" өткөндө үйдүн документи болуш керек. Документи жок үйлөр бизде да бар. Алар учурунда мыйзамдуу эле жол менен салган, бирок үйүнө документ алган эмес. Ата-энеси өтүп кеткен, ал үй ошол боюнча үйдүн кичүү баласында калган. Документи жок. Ушул сыяктуу көйгөйлөр бар. Аларды сөзсүз чечебиз.

Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

■ Спорт

ДҮЙНӨ БАЛБАНДАРЫ БИШКЕКТЕ

Россиялык даңазалуу күрөш балбаны Олимпиада жана Дүйнө чемпиону Роман Власов келечегинен көптү үмүттөндүргөн кыргыздын жаш балбаны Акжол Махмудовду расмий түрдө килем үстүндөгү күрөшкө чакырып жатканы күрөш күйөрмандарынын бүйүрүн кызытпай койгон жок. Бир чети дүйнөгө таанылган бул атлеттин кыргыз балбанын күрөшүүгө чакырып жатканы сыймык болсо, экинчи жактан алганда намыстын да иши. Мындай караганда күрөшкө чакырып жаткан Роман Власов да, өзүн эр ойлогон атактуу орус балбаны менен күрөшүүдөн баш тартпаган Акжол Махмудов да жүрөктүү экен. Бул эки балбан Бишкекте Россиянын, Кыргыз Республикасынын жана дүйнөнүн эң атактуу атлеттеринин катышуусунда өтүүчү Эл аралык турнирде беттешмекчи. Ошондой эле бул турнирде кыргыз элинин чоң сыноолордон өткөн мыкты балбандары да чет өлкөлөрдөн келген балбандар менен күч сынашмакчы.

Бул турнирди өткөрүүчүлөр катары Россиянын спорттук күрөшүнүн Федерациясы жана Кыргыз Республикасынын спорттук күрөш Федерациясы уюштурат. Турнирди өткөрүүнүн түйүндүү маселелери чечилип, өтө турган убактысы белгиленген соң, UWW - Күрөштүн Бириккен Дүйнөсүнө, бул мелдешти эл аралык мелдештердин календарлык планына киргизүү жөнүндө расмий тапшырык жөнөтүлмөкчү. Демек биздин өлкө күрөш боюнча дүйнөлүк масштабдагы мелдеш өтөрүн күтүүдө.

СПОРТСМЕНДЕРГЕ СЫЙ-УРМАТ

Өткөн жылдын жыйынтыгы менен күрөш боюнча спортсмендерге жана машыктыруучуларга Бишкек шаарынан он батир белекке тапшырылды. Албетте бул белектерге спортчуларыбыз нукура маңдай тер эмгеги менен жетишкендигин баса белгилеп айтсак болот. Себеби, Олимпиада оюндарынын күмүш, коло медалдарын, дүйнөлүк чемпионаттын алтын медалдарын жеңип алуу оңой эмес. Батир алган спортчуларыбыздын аттарын атаганда эле белекти татыктуулар алган турбайбы деген тыянакка келет экенсиң. Алсак, Токиодо 2021-жылы болуп өткөн Олимпиада оюндарынын коло медалынын ээси, Осло шаарында дүйнө чемпионатынын жеңүүчүсү Айсулуу Тыныбековага 1 бөлмөлүү 2 батир, Ослодогу күрөш боюнча дүйнө чемипионатынын күмүш медалынын ээси, Белградда болуп өткөн 23 жашка чейинки жаштар арасындагы дүйнө чемпионатынын жеңүүчүсү Эрназар Акматалиевге 2 бөлмөлүү батир, ал эми даңазалуу балбандарыбыз Мээрим Жуманазаровага, Айпери Медет кызына, Бекболот Мырзапар уулуна, Алибек Осмоновго, машыктыруучу Нурбек Изабековго 1 бөлмөлүү батирлер демөөрчүлөр жана ар кандай уюмдар тарабынан тапшырылды. Ошондой эле спорт аренасында ири ийгиликтерге жетишкен спортчу балбандардын жана машыктыруучулардын жоон тобу акчалай сыйлыктар менен сыйланышты.

Абдимухтар АБИЛОВ

■ Ыр куржун

УЗАКБАЙ уулу Камчыбек:

“Кол булгап менден алыс учтуң жаңы, кош болгун бактым менин туткундагы”

Узакбай уулу Камчыбек 1996-жылы 10-декабрда Ош облусунун өзгөн районуна караштуу Зергер айыл өкмөтүндөгү Жаңы-Айыл айылында төрөлгөн. 2014-жылы ошол эле айылдагы №78 Молдошбай Жолдошалиев атындагы орто мектебин бүтүргөн. Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата Ош шаарындагы ЖОЖдор арасында өткөрүлгөн “Жаш акын-2018” сынагынын жеңүүчүсү, Э.Эрматов атындагы адабий сыйлыктын лауреаты жана “Алакандагы күн” аттуу ырлар жыйнагынын автору. “Жигер” чыгармачыл жаштар борборунун мүчөсү. Учурда Ош технологиялык университетинин архитектура жана курулуш факультетинде магистр жана “Нуркелди курулуш” компаниясынын адиси.

КУСАЛЫК

Сансыз ойлор, санаалардан тутанып,
Сай-сөөгүмдү зырыкыратты кусалык.
Сары оорудан саратандай саргайып,
Сага жетпей турам азыр тушалып.

Көздөрүңө чөккөн кезде жаңы эле,
Көөдөнүмө аның укмуш дары эле.
Көрүшкөндө жытың сиңген баягы,
Көйнөгүмдү жуубай жүрөм дагы эле.

Күлө тиктеп сылаганда саамайың,
Күн жүзүндөн көрүнчү эле таалайым.
Күйүт каптап дүйнөм азыр караңгы,
Күн жүзүндөн жарык чаччы барайын.

Көөдөнүмө кусам батпай кашайып,
Көлдөй толкуп көздөн чыгат жаш агып.
Көргүм келип кээде сени түшүмдө,
Көйнөгүмдү кийип уктайм жасанып.

БАКТЫЛУУ БОЛ

Кол булгап менден алыс учтуң жаңы,
Кош болгун бактым менин туткундагы.
Бактылуу жашайм эми сенин курган,
Бактыңдын мага тийип учкундары.

Өмүрдө баары сүйгөн, ашык беле,
Өзүңдү күнөөлөйсүң жашып неге.
Өгөйлөп менсиз келген өз бактыңды,
Өкүнүч менен келген бакыт дебе.

Сен чанган бакыт арман башкаларга,
Кабыл ал билесиң жок башка арга.
Убайым тартып сенден бакыт өзү,
Уруксат сурап турат астанаңда.

Таарынба биздин күндөр аздыгына,
Тапшырдым буйруп койгон тагдырыңа.
Коломтоң оту жанды ушул түнү,
Кошулуп да бир жаздык, жаздыгыңа.

Түйшөлүп түмөн ойдон туталанып,
Түгөнбө бул жашоодон ушаланып.
Башкалар бактың байлап койгон жерде,
Бак болуп мөмөлөгүн бутак алып.

АЛАКАНДАГЫ КҮН

Күндө эрте апам мени ойготуп,
Күн чыкканча айдап уйга, кой кошуп.
Күндү эңсеп күткөн кезде тескейден,
Күн төрөлчү бийик тоолор толготуп.

Аруу, таза наристедей жылмайган,
Аска-зоодон күн чыкканда кылайган.
Алаканга күндү салып көтөргөм,
Аяп, тилеп кулабашын кудайдан.

Черим канбай, мээри өтпөй кийимден,
Чечинип мен, күн нурунан шимиргем.
Күндүн дагы күнү бүтүп калганда,
Күн коштошчу кызыл чоктой иңирден.

Билем кээ бир күн төрөлбөй өлгөнүн,
Жамгыр күндү жууганын да көргөмүн.
Ак булуттар кымтып күндү кепиндеп,
Билбейм бирок, кайда катып көмгөнүн.

Билсем баары балалыктын өрнөгү,
Баягыдай күн төрөлүп өлбөдү.
Күн төрөлүп өлбөй, а мен ошондо,
Күндө жаңы төрөлүпмүн өлгөнү.

ӨМҮРДҮН ӨМҮРЧ-БИЗ

Жан берип, кайра ордуна жан алышкан,
Жашоого биз жаралып, агарып таң.
Кошулуп бул өмүрдүн дайрасына,
Кол жуюйбуз аруу, таза балалыктан.

Толкусак тоону бузуп ташкыныбыз,
Токтобой суктануудан жакшы ырыбыз.
Сүйүлүп, сүйүп жашап бул өмүрдө,
Сүйүүгө курман болот жаштыгыбыз.

Бар сымал улуулардан аласабыз,
Бакытын, өмүрүн да талашабыз.
Багынтып кайра бизди, бизден жаштар,
Бар-жогун таштап кетип баратабыз.

Өлүмгө кандай айла таба алабыз,
Өлөбүз, биз да көргө камалабыз.
Өмүргө чындыгында биз адамдар,
Өмүрдүн өмүрү үчүн жаралабыз.

БИЗДИН ЧӮ-БҮЛӨ

Атам, апам, бир туугандар күнүгө,
Ар кай жакта, толук эмес үй-бүлө.
Абалкыдай бир туугандар колду жууп,
Арчынбастан калдык бирге сүлгүгө.

Бири окуп, бири иштеп жошулуп,
Бир туугандар бирден кетип отуруп.
Бизге ата-эне жол көрсөтүп узадык,
Бул турмуштун агымына кошулуп.

Короо-жайда: уйлар, койлор, эчкилер,
Козгоп мойнун бизди күтүп, кеч кирер.
Кошо өскөн бир туугандар, акыры,
Коломтосун куруп жүрөт -, деп билер.

Биз куштардай канат күүлөп, жайылдык,
Бири Маскөө, бири оштук, айылдык.
Бир бөлмөдө катар жаткан күндөрдү,
Бир туугандар, эңсеп күттүк, сагындык.

■ Тарбияда тыныгуу жок

«Байчечекей» бөбөктөр журналынын башкы редактору Токтосун САМУДИНОВ:

“УЧУРДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК ЖЕТЕКЧИЛЕР “БАЙЧЕЧЕКЕЙДИ” ОКУП ЧОҢОЮШКАН”

Бир кезде бактылуу балалыгыбыздын кеңешчиси болгон “Байчечекей” журналы 45 жашка толду. Журнал али күнчө балдардын өсүп-өнүгүүсүнүн, дүйнө таанымынын калыптанышына зор салым кошуп келе жатат. Бул милдетти жарым кылымга тете убакыттан бери аткарып келе жаткан башкы редактору Токтосун Самудинов агай менен учкай маектештик.

- Токтосун агай, сиз “Байчечекей” журналынын алгачкы санынан бери башкы редактор болуп келе жатасыз. Биз бир кезде күтүп, сүйүп окуган сүйүктүү журналыбыздын жаралуу тарыхын айтып берсеңиз?

- “Байчечекейдин” эң биринчи саны өткөн кылымдын 1977-жылы жарыкка чыккан. Андан бери жарым кылымга жакын убакыт өтүптүр. Ошол кезде жаштар үчүн “Ленинчил жаш”, орус тилдүү жаштар үчүн “Комсомолец Киргизии”, жеткинчек курактагылар үчүн “Жаш Ленинчил”, “Кыргызстан пионери” гезит-журналдары бар эле. Бирок, кичинекей бөбөктөр үчүн журнал жок болчу. Башка союздук республикаларда эң кенже окурмандар үчүн атайын журналдары чыкчу. Биздин адабият, маданият жаатындагылар “эмне үчүн бөбөктөр үчүн журналыбыз жок?” деген маселени көтөрүштү. Ошондо 1976-жылдын 24-декабрында “Байчечекей” балдар журналын чыгаруу жөнүндө Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин отурумунда атайын токтом кабыл алынып, ага Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин катчысы Турдакун Усубалиев кол койгон.

- Журналды “Байчечекей” деп ким атаган?

- Мен журналдын биринчи редактору болгондуктан, атын өзүңүз койдуңуз беле деп кызыгып сурагандар көп. Журналды чыгаруу боюнча атайын токтом чыкканда эле “Байчечекей” (“Подснежник”) деп жазылып жүрөт. Демек, Турдакун Усубалиевич өзү койсо керек. Анткени, тилди сүйүүнүн, өнүктүрүүнүн биринчи тепкичи эне болсо, бешик, бала бакчадан кийин эле “Байчечекей” журналы болду. Ошол убакта эне тилибизди өнүктүрүү, сактоо милдети биздин журналга жүктөлгөн. Бул вазийпаны канчалык деңгээлде аткара алдык, ага окурмандар калыс. Журнал кандай болбосун ушул милдетти 45 жылдан бери аркалап келе жатат.

- Союз учурунда почта менен ар бир үйгө гезит-журналдар келчи. Эгемендикти алганы базар экономикасынын шартында дээрлик бардыгы жашап кете алган жок. Мына ушундай кыйынчылык учурга карабай чыгып келе жаткан “Байчечекей” кандай жолду басып өттү?

- Албетте, биринчи кезекте каржынын тартыштыгы бизде да болбой койгон жок. Экинчиден, мамлекеттин саясаты өзгөрүп, базар экономикасына өтүп кеттик. “Каражатты өзүң тап, каражаның өзүң бак” деген мамилеге өткөн учур болду. “Кыргызстан маданияты”, “Кыргызстан аялдары”, “Чалкан” деген гезит-журналдардын артынан кубалап жүрүп окучу элек. Бул гезит-журналдар жоюлуп кеткенде эң кенже окурмандардын журналы “Байчечекейге” да ошол кездеги бийлик тарабынан түшүнбөстүк мамиле болду. Бардык гезит-журналдар жоюлуп жатат, балким кийин чыгарабыз деген кыска ойдо болушту. Биздин журналдын татаалдыгы төрт түрлүү боёк менен чыгабыз. Кагаздарыбыз да, боёкторубуз да Москвадан келчү. СССР жоюлуп кетти. Ушундай шартта аябай кымбатка турат экен. Муну өкмөт каржылай албай калды. Ошол үчүн журналды жоёлу же 3-4 айда бир жолу чыгарарсыңар дешти. Биз макул болбой нечен ирет тиешелүү жерлерге кайрылганбыз. А түгүл “Вечерний Фрунзе” гезитине журнал жоюлуп кетпеши керектиги тууралуу макала жазганбыз. Анткени, согуш мезгилинде, кыйынчылык убактарда дагы гезит-журналдар чыгып келген. Тарбияга тыныгуу болбойт. Балдар үчүн эне тилди сүйүүгө, өнүктүрүүгө болгон тарбия сакталышы керек деген максат менен катуу күрөш жүрдү. Ырас, эки айда бир жолу чыгып калган убак болду. Бирок, бул убакыт аралыгында унутулуп деле калат экен. Эл дагы жабыла колдошуп кайрадан журнал ай сайын чыга баштады. Силерге окшогон бир кездеги окурмандарыбыз “ушундай кыйын учурда журнал кантип сакталып калды, касиети барбы?” деп сурап калышат. Ал башкы редактордун кыйындыгынан деп айта албаймын. Чындыгында бир касиеттүү нерсе барбы деп ойлойм. Бардыгыбыз кыргыздын баласы эмеспизби. Байчечекей карды тешип өсүп чыккан гүл. Ошондой базар экономикасынын заманынын бороон-чапкынында “Байчечекей” карды тешип чыгып, бүгүнкү күнгө чейин өсүп жатканын белгилеп койсок болот. Бир кезде 80 миң нуска менен чыкчубуз. Мурда бир чоң район 5 миң нускага жазылса, азыр республика боюнча 5 миң нуска менен чыгып жатабыз. Кээде 6-7 миң нускада чыгып калган учурлар болуп калат. Албетте, азыркы шартта мындай нускада чыгуу жакшы эле нерсе. Бул жөн эле гезит эмес, төрт түрдүү боёк менен чыккан китепче.

Биздин алгачкы окурмандарыбыздын жашы 50-60тан ашып, небере күтүп калышты. Азыр неберелеринин колунан көргөндөр журналдын дагы деле чыгып жаткандыгына таң калышат. Эне тилибиз жоголсо, улутубуз жоголот. Улут жок болсо мамлекет да жок болот. Канчалаган эл жоголуп кеткенин тарыхтан билебиз. Ошондуктан, эне тилибизди сактоодо өз тармагыбызда аралашып, мээнетибиз артып калганына өзүмдү бактылуу сезем.

- Агай, журналда 45 жылдан бери башкы редактор болуп келе жатасыз. Жарым кылым убакытка жакын кармалып калганыңыздын себеби эмнеде?

- Насип, тагдыр байлап койгон нерселер болот. Бул мактаныч эмес, факт. Мен башкы редактор болуп дайындалганымда 34 жаштагы жигит болчумун. Мен ал кезде 200 миң нуска менен чыккан “Ленинчил жаш” гезитинде иштечүмүн. Акындык өнөргө да кызыгып жүргөн кезим эле. Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин катчысы Турдакун Усубалиев кабыл алып: “Сизди бөбөктөрдүн журналы “Байчечекейге” башкы редактор кылып дайындап жатабыз” дегенде, гезиттен кетким келген жокпу же жүрөксүдүмбү, мен балдар үчүн жазчу эмес элем, анын үстүнө жетекчилик тажрыйбам жок дедим. Анда “тажрыйбаңыз жок болсо, иштеп жүрүп тажрыйба аласыз. Балдар үчүн жазбасаңыз, эми жазасыз” деп акырын сылык-сыпаа узатып койду. Ошону менен иштеп калдым. Турдакун Усубалиевич даанышман киши эмеспи, анын айтканы кандайдыр бир деңгээлди орундалгандай болду. Балдар үчүн чыгармаларды жазып, балдар акыны болуп калдым. Экинчиден, мен тажрыйбалуу редакторлордон болдум. Бир кезде гезит-журналдар дүркүрөп чыгып турган кезде редакторлордун эң жашы мен элем. Азыр аксакалы болдум. Бул деген тагдыр экен...

Бардыгыбыз бала болгонбуз. Көргөндөр “ушул жашка келсең да баскан-турганың тың” деп айтып калышса, мен бала бакчанын башчысымын деп коём. Мен балдар менен ойнойм, сүйлөшөм. Ошолордун балалыгы мага жугуп жаткандай. “Байчечекейден” көптү үйрөнүп, тажрыйба алдым.

- Азыр балдар төрөлгөндөн эле заманга жараша жаңы нерсеге ыңгайлашкандай, бат өздөштүрүп кетип жатышпайбы. Алар гезит-журнал окумак түгүл, мектептин китептерин окутуу кыйынга туруп калды...

- Туура, бул сени жаш эне катары түйшөлтүп жатат. Кыйынчылык болуп жатса да, балдардын алдындагы ата-энелик тарбия берүү милдетиңерди түшүнүп турасыңар. Бул көйгөй бүткүл дүйнөнүн башына келген түйшүк экен. Интернет, кол телефон балдарды азгырып жатат. Китеп окуудан качып калышты. Айтайын дегеним, балдар эмес, ата-энелер да окубай калды. Бул кемчилдик, бала ата-энеге карап чоңоёт. Ушундай шартта бизге окшогон аз сандаган улуттар эне тилибиздин сакталышына жан үрөп, мезгилдүү басылмалар жабыла аракеттерди жасашыбыз керек. Себеби, буга бизден башка элдер кызыкдар эмес. Башка улуттар кыргыз тилинде сүйлөсө сүйүнөбүз. Алар шартына карап үйрөнүп жатышат. Тил оңой эле жок болуп кетет экен. Тилинен ажыраган далай улуттар бар. Ошол үчүн алдыбызда эне тилди сактоо көйгөйү турат. Гезит-журналдардын нускасы баягыдай эмес. Бул мамлекеттик деңгээлде карала турган маселе. “Бүгүн бала - эртең эл” деген кыргызда сөз бар. Бүгүнкү кичинекей окурмандарыбыз эртең эле эл болот. Учурда мамлекеттин жүгүн көтөрүп олтурган жетектекчилерибиз “Байчечекейди” окуп чоңоюшкан. Ошондуктан эң биринчи көңүл борборунда боло турган маселе - балдарыбыздын эртеңки келечеги. Бүгүнкү муун кандай тарбия-таалим алса, келечектеги мамлекетибиздин абалы дал ошондой болот.

- Президентибиз Садыр Жапаров журналдын 45 жылдык мааракесине карата атайын куттуктоосун жолдоптур...

- Мамлекет башчыбыз Садыр Жапаров да бир кезде “Байчечекей” журналын окуп чоңойсо керек. Ал учурда айыл жерлеринен жазылгандар көп болчу. Президентибиздин жылуу-жумшак куттуктоосуна жана жамаат тууралуу айткан сөзүнө мен ыраазымын.

Жылдыз ДЫЙКАНОВА

УКРАИНАДА

Жыл жаңырганы Украинада жалпыга маалымдоо каражаттарын бир гана мамлекеттик тилде чыгарууну милдеттендирген мыйзам күчүнө кирди. Документ орус тилине таптакыр тыюу салбайт, бирок ар бир орусча чыккан басылмалар украин тилинде бирдей көлөмдө берилип, бирдей нускада чыгарылышын шарттайт. Айрым саясий серепчилер жана мыйзамды жактагандар бул улуттар аралык ынтымакты бекемдейт дешсе, аны сынга алгандар өлкөдөгү орус тилдүү жарандардын укугун бузат деген пикирлерин айтышты.

КАЗАКСТАНДА

Казакстандын маалымат булактарынын билдирүүсү боюнча, баш аламандык учурунда 225 адам каза болуп, 4,5 миңден ашуун киши ар түрдүү жаракат алган. Жабырлануучулардын 3 миң 393ү полиция кызматкерлери экени айтылып, 19 полиция жана аскер кызматкерлери набыт болгону маалымдалды. Өлкөнүн Саламаттыкты сактоо министрлигинин басма сөз кызматынын расмий маалыматына ылайык, каза болгон 225 адамдын 175и медициналык мекемелерде жан берген.

ТҮРКМӨНСТАНДА

15-январдан тартып Түркмөнстанда карантиндик чектөөлөр жарыяланды. Базарлар, ири соода борборлору, ресторандар жабылып, бир гана азык-түлүк саткан дүкөндөрүнүн иштөөсүнө руксат берилди. Борбор калаада театр менен концерттик залдар да жабылганы маалымдалды.

РОССИЯДА

Өткөн аптада Москва шаарында коронавирус инфекциясына кабылгандардын саны эки эсеге өсүп, акыркы бир сутканын аралыгында 6,5 миңден ашуун адамдан вирус аныкталган. Ал эми Россиянын аймагында бул илдет менен ооругандардын жалпы саны үч эсеге көбөйгөн. Бирок буга карабастан каза болгондордун саны кыйла азайган.

Эпидемиологиялык кырдаалдын курчуп кетпешин алдын алуу жана COVID-19 менен күрөшүүгө багытталган жаңы чараларды кабыл алуу үчүн өкмөттүн координациялык кеңеши 18-январда жыйынга чогулат. Анда участтардагы жана поезддердеги жүргүнчүлөрдү, ошондой эле коомдук жайларга киргизүү үчүн милдеттүү эмдөө жана айрым жарандарды медициналык көрсөтмөсүнө ылайык эмдөөдөн бошотуу жөнүндөгү мыйзам долбоору кайрадан каралат.

Айзада ДЕРКЕМБАЕВА

ОТЧЕТ ОАО «МФК «АБН»

о выплате дохода по облигациям первого выпуска (рег. № KG 0201211511 от 23.12.2019 г.) за восьмой процентный период, дата выплаты с 10 января 2022 г.

Общее количество владельцев облигаций (физ. и юр. лица)	74
Общая сумма начисленных доходов (сом)	1 150 720,00
Общее количество владельцев облигаций, получивших доходы (физ. и юр. лица)	72
Сумма выплаченных доходов, в сомах	1 140 920,00
Сумма не выплаченных доходов, в сомах	9 800,00
Количество владельцев облигаций, по которым не выплачены доходы (физ. лица)	2
Количество облигаций, по которым не выплачены доходы (экз.)	245
Причина невыплаты	не востребованы инвестором*

* Причина невыплаты и предполагаемая дата выплаты: На дату предоставления отчета проценты не востребованы инвесторами. Выплата процентов будет производиться по мере их явки в ОАО “МФК “АБН”, предполагаемая дата выплаты: с даты востребования.

Н-43

ФРУНЗЕНСКОЕ ЛЕСНОЕ ХОЗЯЙСТВО

ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРС НА ПРАВО АРЕНДЫ земель лесного фонда для пользование лесом в культурно-оздоровительных, рекреационных и туристических целях и для осуществления воспроизводство лесных ресурсов.

Земли находятся на участке «Чон-Арык» в Аламудунском лесничестве в квартале №4; выделы: 9, 10, 11, 12, 13 , 14, 15, 16. в квартале №8, выдел: 47, 48, 49, 51, в квартале №10 выделы: 15 ,16, 17, 18, 19, 20, 21, 22, в квартале №11 выделы: 16, 17, 18, 20, 21, 22, 23, 24, 25, 26, в квартале №13 выделы: 1-88 в квартале №12 выделы 1-50, в кв. №14 выд: 1-9, в квартале №15 выделы: 10, 11, 12 и в Сокулукском лесничестве в кв.№1 выделы :22, 23, 24, 25 в квартале №2 выделы: 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15, 16, в квартале №3 выделы: 5-14, 18, 19, 23, 24, 27, 28 и в квартале №7 выдел: 1, в квартале №8 выдел 1,2.

Заявки и конкурсные предложения принимаются до **19 февраля 2022 года** по адресу: **г.Бишкек, ул. Майрам, 69,** Фрунзенское лесное хозяйство. Дата и место проведения конкурса: **22 февраля 2022 года, г.Бишкек, ул.Майрам, 69.**

Тел.: (0772) 57-27-83. (0500) 25-51-17.

Н-49

Ликвидатор финансового кооператива «Кредитный союз Манзини Групп»

ОБЪЯВЛЯЕТ АУКЦИОН ПО ПРОДАЖЕ АКТИВОВ

Лот №1-Земелыный участок без строения общей площадью 0,81 га (поливная), расположенный по адресу: Жалал-Абадская обл., Ноокенский район, с/у Момбеков, участок Жазгак контур №328.

Стартовая цена 120 000 (сто двадцать тысяч) сомов.

Лот №2- Земельный участок без строения общей площадью 1,0 га (0,70 га - поливная, 0,30 га - богарная), расположенный по адресу: Жалал-Абадская обл., Ноокенский район, с/у Ноокен, участок Рахманжан контур №439.

Стартовая цена 100 000 (сто тысяч) сомов.

Аукцион состоится по адресу местонахождения земельных участков **29.01.2022 г. Лот №1 в 12.00 часов, Лот №2 в 14.00 часов.** Заявки принимаются до **16.00 часов 28.01.2022 г.**

Справки по тел.: (0772) 82-23-63.

Н-51

Ликвидатор финансового кооператива кредитного союза «Миг-Нур»

ОБЪЯВЛЯЕТ АУКЦИОН ПО ПРОДАЖЕ АКТИВОВ С ПОНИЖЕНИЕМ СТАРТОВОЙ ЦЕНЫ НА 25%.

Лот №1- Жилой дом с прилегающим земельным участком - 800 кв.м. с пристройками, расположенный по адресу: Ошская обл., Узгенский район, с/у Дон-Булак, с.Озгоруш, ул.Достук-62, иден. код: 5-06-03-1008-0242.

Стартовая цена 1 417 000 (один миллион четыреста семнадцать тысяч) сомов.

Аукцион состоится по адресу расположения объекта **29.01.2022 г. в 9.00 часов.** Заявки принимаются до **17.00 часов 28.01.2022 г.**

Справки по тел.: (0772) 82-23-63.

Н-51

БИЗНЕС-ЦЕНТР «АЙ-ПЕРИ»

г.Бишкек пр-т Чуй, 158, ОКПО 20147099,

вид ценных бумаг, простые именные акции KG 0101025219,

НАСТОЯЩИМ УВЕДОМЛЯЕТ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ:

13.01.2022 г. аффилированное лицо **Мавлянова Б.С.** передала в номинальное держание ЗАО "Фондовая биржа Кыргызстана-БТС" **131923 простых акций**, общей номинальной стоимостью **151985 сом**, доля в УК **18,9981%. 14.01.2022 г.** списаны из номинального держания ЗАО "Фондовая биржа Кыргызстана-БТС" аффилированному лицу Асанбекову А.К. **131923 простых акций**, общей номинальной стоимостью **151985 сом**, доля в УК **18,9981%.**

В связи с утерей свидетельства ИП Бондаренко Е.С. ОКПО 30289021 считать недействительным.

Н-52

ЖАРЫЯ

2022-жылдын 18-февраль күнү саат 11.00дө Кадамжай районунун Кыргыз-Кыштак айыл өкмөтүнүн Кайтпас айылында жайгашкан идентификациялык коду №8-02-16-1003-0256 сандуу пайдалуу аянты - 212,51 ч.м. жашоо аянты - 109,08 ч.м., - 3895 ч.м. болгон Айткозиев Кеңешбек Имамбаевичтин кыймылсыз мүлкүнө 1 200 000 (бир миллион эки жүз миң) сомдон башталган баада ачык соода-сатык (аукцион) жарыяланат.

Кадамжай райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн сот аткаруучусу Темирбаев И.А., дареги: **Кадамжай шаары, А.Жалилов көчөсү, н/ж.**

Сурап-билүү үчүн телефондор: (03655) 5-04-63, (0772) 31-31-11.

С-580

Судебно-экспертная служба при Министерстве юстиции Кыргызской Республики

ОБЪЯВЛЯЕТ ОТКРЫТЫЙ КОНКУРС на замещение вакантных государственных судебно-экспертных должностей:

1) **Управление экономических экспертиз –заместитель начальника – 1 единица, эксперт ¬4 единицы;**
2) **Управление строительно-технических экспертиз ¬эксперт - 7 единиц;**
3) **Управление судебно-автотехнических и пожарно-технической экспертизы–эксперт (по пожарно-техническим экспертизам) – 1 единица, эксперт (по автотехническим экспертизам) – 1 единица;**
4) **Отдел компьютерно-технических и фоноскопических экспертиз – эксперт (по фоноскопической экспертизе) – 1 единица, эксперт (по компьютерно-технической экспертизе) – 1 единица;**
5) **Северное управление (Иссык-Кульская, Нарынская обл., г. Балыкчи, ул. Аманбаева, 168/2), эксперт (строительно-техническим экспертизам)– 1 единица, эксперт (по экономическим экспертизам) – 1 единица;**
6) **Южное управление (г. Ош, Ошская, Джалал-Абадская и Баткенская обл., г. Ош, ул. Ленина, 312) -эксперт (по пожарно-техническим экспертизам) – 1 единица, эксперт(по строительно-техническим экспертизам)– 4 единицы, эксперт (по экономическим экспертизам) – 4 единиц, эксперт (по автотехническим экспертизам)– 1 единица, эксперт (по баллистическим и трасологическим экспертизам) – 1 единица.**

Подробная информация размещена ведомственном сайте Службы: **http://sudexpert.gov.kg.** Отдел правового обеспечения и кадровой работы **тел.: (0312) 30-08-46.** Срок подачи документов с **18 января 2022 года по 31 января 2022 года.**

С/О-06

Подразделение службы судебных исполнителей Свердловского района г.Бишкек

ОБЪЯВЛЯЕТ ПЕРВИЧНЫЕ ОТКРЫТЫЕ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ

- на недвижимое имущество, зарегистрированное по адресу: г.Бишкек, ул.Кольбаева (бывшая Ворошилова) дом 45, кв. 2 (идентификационный код: 1-03-09-0052-0030-01-008) принадлежащей на праве собственности Апсаматовой Чинаре Амантаевне.

Торги состоятся **25 февраля 2022 года в 10.00 часов** по стартовой цене **1 551 000 (один миллион пятьсот пятьдесят одна тысяча) сом** по месту нахождения имущества.

Лицам, участвующим в торгах необходимо внести **5%** от стоимости имущества до начала торгов на депозитный счет ПССИ Свердловского района г.Бишкек.

Депозитный счет ПССИ Свердловского района г.Бишкек БИК **440001** р/счет **4402042100000489** Банк Центрального казначейства МФ КР, код платеже **14511900**.

Обращаться судебному исполнителю ПССИ Свердловского района г.Бишкек Нишанову Нурбеку Акжоловичу по телефону: (0703) 91-34-95.

Н-55

В связи с утерей гос. акта ЧN851642 (от 22.05.2019 г.) на имя Сулайманова Абланбека Самаковича считать недействительным.

Н-54

В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей №493 (от 10.03.1999 г.) на имя Баситовой Айшамхан Иминовны считать недействительным.

Н-47

Ош обл., Ноокат районунун Он-Эки-Бел айыл өкмөтү Жилпром участкасынын тургуну Арынова Назадахан Алимовна Ишмердүүлүк ырастоочу күбөлүгү ИНН 12611196400729, ОКПО 29947105 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-600

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП на имя Сапаралиевой Назгуль Каданбаевны ИНН 12604198701284 считать недействительным.

Н-46

Өзгөн районунун Заргер айыл өкмөтүнүн Токтогул айылынын тургуну Шаболотов Абдирайимге таандык мамлекеттик акт ЧN190243 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-600

В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельный участок серия №0091618 (от 12.08.2018 г.) на имя Арбуду Равиля Исмазовича считать недействительным.

Н-48

ТРЕБУЕТСЯ БУХГАЛТЕР-КАССИР.

Оклад 30000 сом.

Тел.: 55-13-82, (0700) 83-75-51.

Н-45

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун Кызыл-Өзгөрүш айыл өкмөтүнүн тургуну Осконбаев Өмүржан Маленкуловичке таандык укук үлүш күбөлүгү сериясы: МР-139 (12.11.1999-жыл) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-179

Токтоналиева Саткынбүбү Карагуловнага тиешелүү мамлкеттик акт №106562 (21.08.2007-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-001

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации частного предпринимателя №87229 на имя Абрамова Владимира Валентиновича считать недействительным.

Н-40

Зияев Махмурзага тиешелүү мам. акт ЧN544550 (21.08.2014-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-38

В связи с утерей гос. акта №225485 на имя Дакенова Эмиль Темирбековича считать недействительным.

Н-39

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Шамиль уулу Кудайберди ИНН 21306199300860 считать недействительным.

Н-42

Касмалиева Аманкул Шаршеевнага тиешелүү мамлекеттик акт серия ЧN417152 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-50

Рахматов Улугбек Орунбаевичке тиешелүү мам. акт ЧN448683 (25.06.2018-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-44

В связи утери пакет документов ОсОО «Оптимум Трейд». Наименование документов. 1) Свидетельства №0027185 и приказ 2) Лицензия №55552АР 3) Лицензия №6002АЕ 4) Лицензионное Соглашение к лицензии №5552АР №1 №2 №3 5) Лицензионное Соглашение к лицензии №6002 АЕ №1 №2 6) Протокол №254-Н-18 7) Протокол ГКЗ № 1295 8) Договор с Оптима банком 9) Учредительские документы 10) Решение директора 11) Договор охранным агентство 12) Протокол ГКЗ 13) Выписки Банка и квитанции 14) Договор с Национальным банком 15) Договор с Кыргыз Алтыном. 16) Договор с Аффинажным заводом и заключение проб. 17) Нотариальные документы Учредителя считать недействительными.

Н-41

Подразделение службы судебных исполнителей Иссык-Кульского района

ОБЪЯВЛЯЕТ О ПРОВЕДЕНИИ АУКЦИОНА
на недвижимого имущества:

2-х этажный коттедж, 1/4 части, здание в хорошем состоянии, у каждого индивидуального входа, пл. площадью - 68,25 кв.м., жилой площадью - 40,28 кв.м., расположенный на земельном участке площадью - 85,7 кв.м., находящийся по адресу: Иссык-Кульский район, город Чолпон-Ата, ул. Ахунбаева, 3/2, район «Биостанция».

Стартовая цена, установлена в суммы 2 582 400 (два миллиона пятьсот восемьдесят два тысяча четыреста) сомов.

Торги состоятся **15 февраля 2022 года в 10.00 часов** по месту нахождения недвижимых имуществ.

Лица, желающие принять участие в аукционе перед торгами выносят **5** процентов от начальной стоимости имущества на депозитный счёт ПССИ Иссык-Кульского района **4404032100000106**, БИК **440001**, ОКПО **02338200**, ИНН **01404199510285**, код платежа **14238900**.

Организатор аукциона судебный исполнитель ПССИ Иссык-Кульского района Кадыров З.С., справки по адресу: г. Чолпон-Ата, Иссык-Кульский рай. суд, тел.: 4-36-34, факс: 4-36-34, (0555) 10-74-23.

Н-33

ПССИ Ленинского района г.Бишкек

ОБЪЯВЛЯЕТ ПОВТОРНЫЕ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ
на заложенное недвижимое имущество:

- офис, расположенный по адресу: г.Бишкек, ул. Восточная, д. 87, идентификационный код 1-01-14-0060-01-25, принадлежащий на праве собственности Кабатаеву Алмазу Доктурбековичу.

Согласно ст.ст. 82, 83, 84 Закона Кыргызской Республики «О статусе судебных исполнителей и об иеполнительном производстве» для участия в торгах необходимо внести **5% - 527 930 (пятьсот двадцать семь тысяч девятьсот тридцать) сом 80 тыйын** от иачальной стоимости на депозитный счет ПССИ Ленинского района г.Бишкек, л/с **4402052100000877**, БИК **440001**, получатель Центральное казначейство МФ КР, код платежа **14238900**, до начала торгов подать заявку в ПССИ Ленинского района г.Бишкек.

Прием заявок на участие в аукционе заканчивается за один день до начала аукциона. Торги состоятся **22 февраля 2022 года в 10.00 часов** по месту нахождения имущества, начальная стартовая цена: **10 558 616 (десять миллионов пятьсот пятьдесят восемь тысяч шестьсот шестнадцать) сом.**

Задаток, внесенный лицом, выигравшим аукцион, зачисляется в счет покупной цены. Остальным участникам торгов внесенные ими задатки возвращаются в течение трех рабочих дней после окончания торгов.

Организатор торгов судебный исполнитель Казакбаев Р.Б., тел. для справок (0709) 58-00-05.

Н-34

Итоги проведения внеочередного общего собрания акционеров

ОАО «ГОСУДАРСТВЕННАЯ ИПОТЕЧНАЯ КОМПАНИЯ»

Дата проведения собрания: **12 января 2022 года**.
Место проведения: **г. Бишкек, ул. Московская, 151**
Форма проведения: **очная**
Кворум собрания: **100%**

ОАО «Государственная Ипотечная Компания» сообщает о существенном факте

12 января 2022 года в 15.30 часов состоялось Внеочередное общее собрание акционеров по адресу: г. Бишкек, ул. Московская, 151.

Принято решение: Возложить функции счетной комиссии на представителя независимого реестродержателя ОсОО «Реестродержатель Медина» Волыгину Елену Николаевну.
За – 100%

Принято решение: Увеличить уставной капитал ОАО «Государственная Ипотечная Компания» на сумму 150 000 000 (сто пятьдесят миллионов) сомов;
За – 100%

Принято решение: Утвердить внесение изменений и дополнений в Устав ОАО "Государственная Ипотечная Компания":
За – 100%

Принято решение: Прекратить досрочно полномочия члена Совета директоров Алиева М.К.
За – 100%

Принято решение: Избрать членом Совета директоров ОАО «Государственная ипотечная компания» – Бакашову Жылдыз Кемеловну
За – 100%

С-769

ПССИ г. БАЛЫКЧЫ

ОБЪЯВЛЯЕТ ПЕРВИЧНЫЕ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ В ФОРМЕ ОТКРЫТОГО АУКЦИОНА НА СЛЕДУЮЩЕЕ ИМУЩЕСТВО:

